КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

# Кыргыз Республикасынын
# 2020-жылга карата республикалык бюджеттин
# аткарылышына аудиттин
# отчету

БИШКЕК 2021-жыл

## Кыскартуулардын тизмеси

| **Кыргыз Республикасынын органдарынын жана ченемдик-укуктук актыларынын толук аталышы** | **Кыскартылган термин** |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы | КР (республика) |
| Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши | КР ЖК |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтү | КР Өкмөтү |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы | Улуттук банк |
| Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети | Улуттук статком |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги) | Финмин (Экономфинмин) |
| Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги | Экономин |
| Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги | ТИМ |
| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги | ББИМ |
| Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги (Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги) | ССМ (ССӨМ) |
| Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги (Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги) | ММТМ (ММСЖСМ) |
| Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги | ЭСӨМ |
| Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги (Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги) | ТЖМ (ТКМ) |
| Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жай жана мелиорация министрлиги (Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги) | АЧТӨММ (АСЧАӨМ) |
| Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги | ӨКМ |
| Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги | ИИМ |
| Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги | Юстмин |
| Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети | ӨЭЖКМК |
| Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети | МТБМК |
| Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду | Соцфонд |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд (Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд ) | ММБФ |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду | ММРФ |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы (Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы) | МСК |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы) | МБК |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат | ЭККМК |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы | ЖАМК |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | ММКФ |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш, турак жай жана коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги | Мамкурулуш |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттик | КЧКТЧМА |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иши, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттик | ЖДСМА* |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги | СРМА |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттик | ЖРМА |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция | ЭТКМИ |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция | ВФКМИ |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы | Кыргызпатент |
| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Кесиптик баштапкы билим берүү агенттиги | КББА |
| Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы | ЦК |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик | БКБМА |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш, турак жай жана коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Турак жай-жарандык курулуш департаменти | ТЖКД |
| Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлигинин алдындагы Жол чарбасы департаменти | ЖЧД |
| Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жай жана мелиорация министрлигинин алдындагы Суу чарба объекттерин куруу дирекциясы | СЧОКД |
| Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы | ЕРӨБ |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | ЖӨБО |
| Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси | КР Бюджеттик кодекси |
| Кыргыз Республикасынын 2020-жылга бюджеттик резолюциясы жана 2021-2022-жылдарга болжол | КР Бюджеттик резолюция |
| "Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджети жана 2020- | 2019-жылга бюджет |

| | |
|---|---|
| 2021-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы | жөнүндө Мыйзам |
| "Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы | 2019-жылга бюджет керек өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам |
| Мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүү стратегиясы | МФБ стратегиясы |
| Фискалдык саясаттын негизги багыттары | ФСНБ |
| Бирдиктүү казыналык эсеп | БКЭ |
| Бирдиктүү депозиттик эсеп | БДЭ |
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | МБК |
| Мамлекеттик казыналык векселдер | МКВ |
| Мамлекеттик казыналык облигациялар | МКО |
| Бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүлөр | БКБТ |
| Мамлекеттик инвестициялардын долбоорлору | МИП |

Эскертүү: Кашаанын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 03.02.2021-жылдагы №4357-VI "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмү жөнүндө" токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмүнүн түзүлүшүнө байланыштуу, министрликтер менен ведомстволордун жаңы аталыштары көрсөтүлгөн.

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренеси, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренеси, "Кыргыз Республикасынын Эсептоо палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4, 7, 31-беренелери, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептоо палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудиттин максаты:** Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы.

**Аудиттин түрү:** Натыйжалуулук элементтери менен шайкештик аудити.

2020-жылы Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмүндө көз карандысыз мамлекеттик орган катары иштеген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 03.02.2021 №4357-VI "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмү жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги болуп түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.03.2021-жылдагы №85 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана Финансы министрлигинин маселелери жөнүндө" токтому менен, Кыргыз Республикасынын Экономика жана Финансы министрлигинин Жобосу жана башкаруу схемасы бекитилген.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) 2020-жылы Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келүүсүнө карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Финансы министрлигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттын тескелишине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жана мыйзамдуу орган тарабынан өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предметине жоопкерчилик тартат.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, мамлекеттик каражаттарды тескөө жаатындагы мамлекеттик саясатты, ошондой эле мамлекеттик сатып алуулар жана ички аудит чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына, Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келүүсүн изилдөө эсептелет.

Аудит алкагында камтылган суроолор:

- Республикалык бюджеттин түзүлүшүн жана аткарылышын жөнгө салуучу процесстердин, мыйзамдуу жана ченемдик актылардын сакталышын жана аткарылышын талдоо;
- 2020-жылга республикалык бюджеттин бекитилген көрсөткүчтөрү менен аны аткаруунун жүрүшүндө орто мөөнөттүү мезгилге негизги макро экономикалык көрсөткүчтөр менен киргизилген өзгөртүүлөрдүн өз ара байланышын талдоо;
- Бюджеттик календардын сакталышын, бюджеттик процесстин ачыктыгынын, айкындуулугунун камсыздалышын талдоо;
- 2020-жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга, бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун форматынын, түзүмүнүн шайкеш келишин талдоо;
- Республикалык бюджеттин ресурстук жана киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо;
- Короновирус инфекциясы (COVID 19) менен күрөшүүдө жана аны алдын алууда каражаттардын чыгымдалышын талдоо;
- Республикалык бюджеттин кассалык аткаруу тартибинин сакталышын талдоо;
- Республикалык бюджеттин кассалык аткаруусуну камсыздоо боюнча Борбордук казыналыктын ишин талдоо;
- Программалык бюджеттин түзүлүшүн жана аткарылышын талдоо;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын абалын жана тейленишин талдоо;
- Мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджеттеринин түзүлүшүн жана аткарылышын талдоо;
- "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын талдоо;
- Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча Мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылган бюджеттик кредиттердин башкарылышын талдоо.

**Аудиттин критерийлери**

Критерийлер деп, мамлекеттик органдарды күтүүгө бюджеттен каражаттарды каржылоо жана мамлекеттик каражаттарды тескөө жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу функцияларын камсыз кылуучу колдонуудагы мыйзам талаптарына Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келишин баалоону эсептейбиз: бюджеттик кодекс, "2020-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Бюджеттик резолюция, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары жана буйруктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору жана тапшырмалары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору жана буйруктары, 2020-жылы бюджеттик процессти жүзөгө ашыруу боюнча Финансы министрлигинин ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик-укуктук актылары.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептоо палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы

кайра каралган), шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдарга жана ченемдик-укуктук актыларга туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан мамлекеттик каражаттарды тескөө жаатындагы мамлекеттик саясатты, ошондой эле мамлекеттик сатып алуулар, ички аудит жана финансылык отчетту түзү чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына, Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келүүсү изилденди.

Аудит, бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептин каражаттарынын чыгымдары ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктоочу корутундуларды, жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт.

Аудит, ушул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, чогултулган аудитордук далилдер талаптагыдай жана жетиштүү деп эсептейт.

Аудит тарабынан Финансы министрлигинин борбордук аппараты жана анын ведомстволук бөлүмдөрү: Борбордук казыналык, Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, Мамлекеттик сатып алуулар департаменти, Баалуу металлдар департаменти камтылды.

**Корутунду**

***Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгында, алар боюнча аудит терс корутундуларды берген жана республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча отчетту тастыктабаган айрым позициялардан сырткары, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына шайкеш келгендигин аныктадык.***

***Алсак, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону бузуу менен, финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн республикалык бюджет боюнча кредиттик карыз 17,1 млрд.сомго ашырылган. Демек, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко карата 12-тиркеме, бардык олуттуу аспекттерде республикалык бюджеттин финансылык абалын анык көрсөтпөйт, бул болсо, терс пикирди билдирүү үчүн негиз болуп эсептелет.***

***Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.10.2019-жылдагы № 529 токтому менен бекитилген, "Кумтор Голд Компани" ЖАКынан келип түшкөн каражаттардын пайдаланылышы жөнүндө" Жобону бузуу менен, 522,1 млн. сом суммасындагы каражаттар 2020-жылга республикалык***



***бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун киреше бөлүгүндө көрсөтүлгөн эмес, анткени, казыналыктын түтүмүнан сырткары чыгымдалган, бул болсо, 2020-жылга республикалык бюджеттин чыгымдарынын 522,1 млн. сомго төмөндөшү жөнүндө күбөлөндүрөт.***

***Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдарда жана интеграциялык бирикмелердеги мүчөлүк төгүмдөрү боюнча милдеттенмелеринин суммасы, республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө финансылык отчеттуулукта 1 022,6 млн. сомго азайтылган.***

***Улуттук банктагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери боюнча бюджеттик каражаттардын депозиттеринин жана валюталарынын калдыктары Борбордук казыналыктын балансында, факты жүзүндөгү калдыктан 1,4 млн.сомго азайтуу менен көрсөтүлгөн. Натыйжада, валюталар жана депозиттер түрүндөгү мамлекеттик активдерин эсепке алуу боюнча 1,4 млн.сомго аз көрсөтүлгөн.***

***БКББ (бюджеттик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчүлөр) бөлүгүндөгү 2020-жылдагы бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамга карата 5 жана 11, 11-2-тиркемелердин ортосундагы 19,7 млрд.сом суммасындагы дал келбестиктердин натыйжасы, бюджетти аткаруу көрсөткүчтөрүнө олуттуу таасирин тийгизет. Аудит "2020-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык программалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө пикирин билдирбейт.***

*Отчет Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги берген комментарийлерди кароону жана макулдашууну эске алуу менен даярдалды.*

***Аудит мезгилине карата кызматтагы жоопту адамдар болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:***

- Министр: Жеенбаева Б.Ж. 14.10.2020-жылга чейин; Мукашев К.Б. 14.10.2020-жылдан тартып 03.02.2021-жылга чейин;

- Статс-катчы: Шамшиев А.А. 27.09.2019-жылдан тартып 14.06.2021-жылга чейин

- Министрдин орун басары - Борбордук казыналыктын директору: Амандыков М.Л. 18.03.2019-жылдан тартып 22.02.2021-жылга чейин;

- Министрдин орун басарлары: Абдыбалы т. Суеркул 01.07.2019-жылдан тартып 06.11.2020-жылга чейин; Азимов А.К. 24.09.2014-жылдан тартып 22.02.2021-жылга чейин; Кармышаков У.Т. 07.12.2018-жылдан тартып 03.02.2021-жылга чейин; Байгончоков М.К. 06.11.2020-жылдан тартып 11.08.2021-жылга чейин.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.06.2021-жылдагы №241 Жарлыгы менен, Жапаров А.У. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министри болуп дайындалган.

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана***

***сунуштардын аткарылышы***

*Аныкталды*

2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 7 пунктунун ичинен, Экономика жана финансы министрлигине жүргүзүлгөн ушул аудитти аяктоо мезгилинде 2 пункт аткарылган, 4 пункт жарым-жартылай аткарылган жана 1 пункт аткарылган эмес.

Бюджеттин кирешесине калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 1 772,2 млн.сом сумманын ичинен 333,5 млн.сом же 19,0% калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 1 438,7 млн.сомду же 81,0%ды түзгөн.

Эсептөө палатасынын 10 пункттан турган сунушунун ичинен 5 пункт аткарылган жана 5 пункт жарым-жартылай аткарылган бойдон калган.

2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, бюджетке калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 49,5 млн.сомду түзгөн.

*Корутунду*

2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча бюджеттин кирешесине калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 1 772,2 млн.сом сумманын ичинен 333,5 млн.сом же 19,0% калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 1 438,7 млн.сомду же 81,0%ды түзгөн.

Эсептөө палатасынын 10 пункттан турган сунушунун ичинен 5 пункт аткарылган жана 5 пункт жарым-жартылай аткарылган бойдон калган.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине ылайык, 2018 жана 2019-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын толугу менен аткаруу камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 10.06.2020-жылдагы №3822-VI "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2022-2023 - жылдарга божомолу жөнүндө" токтому менен жактырылган, Кыргыз Республикасынын 2021-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2022-2023 - жылдарга божомолуна ылайык. 2018 жана 2019-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктары дайыма толук көлөмдө аткарылбагандыгы үчүн, Финансы министрлигинин тиешелүү кызматтагы адамдарынын административдик жоопкерчилигин каралсын.

***Республикалык бюджетти түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу мыйзамдык жана ченемдик актылардын ченемдеринин сакталышын жана аткарылышын талдоо***

- *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 16.05.2019-жылдагы №3057-VI "Кыргыз Республикасынын 2020-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2021-2022 - жылдарга божомолу жөнүндө" токтому менен*



*жактырылган Кыргыз Республикасынын 2020-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2021-2022 - жылдарга божомолу*

2020-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясына ылайык, төмөндөгүдөй негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр камсыздалышы керек эле:

*1-таблица: 2020-2022-жылдарга негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр*

| Көрсөткүчтөр | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж. |
|---|---|---|---|
| | болжолдоо | болжолдоо | болжолдоо |
| *ИДП, млн. сом* | 667 078,8 | 736 239,3 | 798 819,6 |
| *Реалдуу өсүү темпи, %* | 4,4 | 4,2 | 5,2 |
| *Күмтөрдү эсепке албастан ИДП, %* | 4,5 | 4,6 | 4,5 |
| *Инфляция (өткөн жылдын декабрына карата), %* | 5,4 | 5,7 | 4,1 |

2020-жылга республикалык бюджетти түзүүдө 2020-жылы ИДПга карата 26,1% деңгээлинде мамлекеттик кирешелердин үлүшүнө жетүү, 2022-жылы ИДПга карата 26,6%га чейин жетүү жана 2020-жылы 22,0%дан тартып 2022-жылы 20,6%га чейин орто мөөнөттүү мезгилде салык түйшүгүн азайтуу багыттары Бюджеттик резолюция менен белгиленген,

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамда мамлекеттик бюджеттин жалпы көлөмү, мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эсепке алуу менен, 183 708,1 млн.сом суммасында болжолдонгон, же ИДПнын 667 078,8 млн.сомго болжолдонгон көлөмүнө карата 27,5% деңгээлинде.

Бюджеттик резолюция менен, 2020-жылы 20%га чейин мамлекеттик бюджеттик кирешелердин жалпы көлөмүндө жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшүн көбөйтүүгө жетүү багыты белгиленген.

- *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.09.2019-жылдагы №465 "2020-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн орто мөөнөттүү болжолдоо жөнүндө" токтому менен бекитилген, экономикалык болжолдоонун көрсөткүчтөрүнүн негизинде белгиленген 2020-2022-жылдарга фискалдык саясаттын негизги багыттары*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча Координациялык кеңеш тарабынан жактырылган, 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн орто мөөнөттүү болжолдоонун сценарийи (2019-жылдын 6-августундагы № 16-147 протокол), 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын долбоорун иштеп чыгуу үчүн негиз болуп эсептелген.

Бекитилген макроэкономикалык параметрлердин негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.09.2019-жылдагы №469 "2020-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, 2020-2022-жылдарга Кыргыз

Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары, анын ичинен, 2020-2022-жылдарга бюджетти түзүү үчүн контролдук цифралар түзүлгөн.

*2-таблица: 2020-2022-жылдарга бюджетти түзүү үчүн контролдук цифралар*

| Көрсөткүчтөр | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 12-сентябрындагы № 469 токтому | | | 2020-жылга бюджет (23.12.2019-жылдагы №143 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы) | Четтөө (5-топ-2-топ) |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-ж. болжолдоо | 2021-ж. болжолдоо | 2022-ж. болжолдоо | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| *Номиналдуу ИДП, млн.сом* | 667 062,0 | 708 363,8 | 756 572,8 | 667 062,0 | |
| *Реалдуу ИДП, %* | 105,0 | 103,4 | 104,7 | | |
| *Республикалык бюджеттин кирешелери, млн.сом* | 163 764,5 | 164 916,6 | 169 243,7 | 163 710,4 | -54,1 |
| *Республикалык бюджеттин чыгымдары, млн.сом* | 173 718,1 | 173 498,4 | 174 046,3 | 171 663,9 | -2 054,2 |

*Аныкталды*

Бюджеттик резолюция менен, 20%га чейин жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшүнө жетүү багыты белгиленген, бекитилген бюджетте жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү 12%ды түзгөн.

Орто мөөнөттүү мезгилге бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 "Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнүн уюштуруу маселелери жөнүндө" токтому менен бекитилген, Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасына ылайык эсептелген, бирок, республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоорун талкуулоодо ар кандай деңгээлдеги сунуштарды эске алуу менен оңдолгон.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.07. 2015-жылдагы № 455 "2015-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын концепциясын жана 2015-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын концепциясын ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планын бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген, фискалдык саясатынын концепциясын ишке ашыруу боюнча иш чаралар планы менен 31 пункт каралган, анын ичинен, 25 пункт аткарылган, 6 пункт аткаруу баскычында турат. Аткарылган 5 пункт боюнча тиешелүү ченемдердин долбоорлору иштелип чыккан, алар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.08.2015-жылдагы № 363 буйругу менен түзүлгөн ведомство аралык комиссия тарабынан иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Экономика жана Фискалдык саясат боюнча комитетинин алдындагы Эксперттик-консультативдик кеңештин 02.10.2017-жылдагы чечими менен, 2017-2040-жылдарга Фискалдык саясаттын концепциясы бекитилгенден кийин, Салык кодексинин жаңы редакциясын иштеп чыгууга кайтуу чечими кабыл алынган.



2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилген, бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча көрсөткүчтөрү, БКТБнын билдирүүсү жана мындай кыскаруу себебинин негиздемесин жок, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 89-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, ФСНБда аныкталган көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 2 054,2 млн.сомго азайтылган.

*Корутунду*

Жергиликтүү кирешелердин үлүшүн көбөйтүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы менен белгиленген багытка жеткен эмес.

Чыгымдар бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн азайтууда, БКТБнын билдирүүсүн жана мындай кыскаруу себебинин негиздемесин караган, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 89-беренесинин 4-бөлүгү сакталган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 "Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнүн уюштуруу маселелери жөнүндө" токтому менен бекитилген, Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасына ылайык жүргүзүлгөн эсептөөлөр жок туруп, бюджеттин кирешелер бөлүгүнүн болжолдуу көрсөткүчтөрү ар кандай деңгээлде оңдолгон жана аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Фискалдык саясат концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын 5 пункту боюнча, иштелип чыккан жаңы Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин долбоорунун алкагында ченемдик документтердин долбоорлорун даярдоо боюнча иштер улантылууда.

*Сунуш*

Кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоорун даярдоодо, орто мөөнөттүү мезгилге карата Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы менен аныкталган багыттарга ылайык, республикалык бюджеттин негизги багыттарын жана артыкчылыктарын сактоо камсыздалсын.

Бардык деңгээлдеги кароолордо бюджеттин болжолдуу көрсөткүчтөрүн аныктоо үчүн эсептөөлөр, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 "Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнүн уюштуруу маселелери жөнүндө" токтому менен бекитилген, Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасына ылайык жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясын иштеп чыгууну улантуу үчүн, 2017-2040-жылдарга Фискалдык саясаттын концепциясын кароо жана бекитүү үчүн чаралар көрүлсүн.

- *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.08.2020-жылдагы №409 токтому менен бекитилген, 2020-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясын аткаруу (мындан ары – Стратегия)*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Стратегияны аткаруунун өлчөнгөн жыйынтыктарын аныктоо максатында, сандык максаттуу көрсөткүчтөр белгиленген.

Максаттуу көрсөткүчтөрдүн факты жүзүндө сакталышынын аныктыгына жүргүзүлгөн тандалма аудит, төмөндөгү пункттар боюнча алардын дал келбестигин көрсөттү.

Стратегияны ишке ашыруунун максаттуу көрсөткүчтөрүндө, ИДПга карата мамлекеттик карыздын чектелген көлөмүн белгилеген көрсөткүч жок.

ИДПга (598,3 млрд.сом) карата 31.12.2020-жылга мамлекеттик карыздын көлөмү 68,1%ды түзгөн, анын ичинен, тышкы карыз боюнча - 58,3% жана ички карыз боюнча - 9,8%.

Акыркы үч жыл ичинде ИДПга карата мамлекеттик карыздын деңгээли төмөндөгүлөрдү түзгөн:

*3-таблица: 2018-2020-жылдарга ИДПга карата мамлекеттик карыздын көлөмүнүн деңгээли*
*(млн. сом)*

| Мамлекеттик карыз | 31.12.18-жылга | 31.12.19-жылга | 31.12.20-жылга | 2018-жылга карата 2020-жылдагы өсүү | | 2019-жылга карата 2020-жылдагы өсүү | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | суммасы | % | суммасы | % |
| Ички | 44 606,0 | 51 294,9 | 58 545,7 | 13 939,6 | 31,3 | 7 250,8 | 16,3 |
| Тышкы | 267 228,6 | 268 179,8 | 348 571,2 | 81 342,5 | 30,4 | 80 391,4 | 30,1 |
| Бардыгы: | 311 834,7 | 319 474,6 | 407 116,8 | 95 282,1 | 30,6 | 87 642,2 | 28,1 |
| *ИДПга карата мамлекеттик карыз* | *54,8%* | *51,6%* | *68,1%* | | *13,2%* | | *16,4%* |
| *ИДПга карата тышкы карыз* | *46,9%* | *43,3%* | *58,3%* | | *11,4%* | | *15,0%* |

Сомдун курсунун төмөндөшүнүн жана алынган жаңы карыздардын эсебинен, тышкы карыздын номиналдык мааниси олуттуу көбөйгөн, бул болсо, 2018-жылга салыштырмалуу сомдук мааниде тышкы карыз суммасын 2020-жылы 81,3 млрд. сомго (30,4%) жана 2019-жылга салыштырмалуу 80,4 млрд. сомго (30,1%) көбөйтүүгө алып келген.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 59-беренесинин 4-пунктуна ылайык, карыз туруктуулугунун эл аралык көрсөткүчторүн эске алуу менен, мамлекеттик карыздын көлөмү Өкмөт тарабынан аныкталат, кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жана эки болжолдонгон мезгилге каралат.

Ошону менен бирге, 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам жана анын тиркемелери менен, ИДПга карата мамлекеттик карыздын көлөмү көрсөтүлгөн эмес, болгону Мыйзамга карата түшүндүрмө катта гана көрсөтүлгөн, ал жерде жалпы мамлекеттик карыздын деңгээли ИДПга карата 70%дан жогору эмес жана тышкы карыз ИДПга карата 50%дан жогору эмес белгиленген.

Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимдин 63-беренеси менен, катышуучу өлкөлөр үчүн, экономикалык өнүгүүнү туруктуулугун аныктаган негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр белгиленген, алардын



арасында мамлекеттик башкаруу секторунун карызынын көлөмү, өлкөнүн ИДПсынан 50%дан жогору эмес белгилеген.

Евразиялык банк макроэкономикалык талдоодо төмөндөгүдөй белгиленген, *"2020-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын мамлекеттик карызы ИДП 60%да босого маанисинен ашырылган учурда, Кыргыз Республикасы үчүн жеңилдетилген шарттарда кредиттик ресурстарды тартуу үчүн мүмкүнчүлүк гана болот. Салык базасынын өсүүсү жана тышкы карызды төлөө көлөмдөрдү жогорулатуу жок болгон шартта, инфра түзүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик чыгымдардын кыскаруу мүмкүнчүлүгү жогорулайт, ал болсо экономиканы калыбына келтирүүнү жайлатуу менен, орто мөөнөттүү келечекте ИДПнын өсүүсүн токтотуучу таасир берет".*

*Корутунду*

Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимдин шарттарынын сакталбагандыгы, өлкөнүн ИДПсына карата жалпы мамлекеттик жана тышкы карыздын чектелген деңгээли Бюджеттик кодексте жоктугу, ошондой эле 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамда анын көрсөтүлбөгөндүгү, Өкмөтко мамлекеттик карыздын туруксуз тобокелдигин түзүү менен, жаңы тышкы карыз алууларды чектөөсүз тартуу үчүн, шарттарды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде мамлекеттик башкаруу секторунун бюджетинин тартыштыгын жана карыз туруктуулугунун эл аралык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен, мамлекеттик карыздын көлөмүн аныктоого багытталган талаптар жок.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

- мамлекеттик башкаруу секторунун бюджетинин тартыштыгын жана карыз туруктуулугунун эл аралык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен, мамлекеттик карыздын босого маанисин так чектөөнү аныктоого багытталган өзгөртүүлөрдү Бюджеттик кодекске киргизүү боюнча маселе каралсын;
- мамлекеттик карыздын туруктуулугунун сакталышын камсыздоо максатында, республиканын тышкы карызын конверсиялоо, узартуу жана реструктуризациялоо боюнча иштер активдештирилсин;
- бекитилген бюджеттик суммадан ашык ички жана тышкы кредиттик карыз алууларды тартууга жол берилбесин;
- инвестициялык долбоорлорго маани берүү менен, жеңилдетилген шартта жаңы тышкы карыз алууларды тартуу.

- *Колдонуудагы ченемдик-укуктук актылардагы коллизиялар*

*Критерийлердин бузулгандыгы жөнүндө корутунду*

Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмүн бир айлык эмгек акы төлөө фондунун көлөмүнүн чектеринде караган Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесине туура келбестен, 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмү 500,0 млн. сом суммасында каралган. Бир жылдык эмгек акы төлөө фондунун такталган көлөмү 54 573,7 млн. сомду түзгөн, же айына орточо эсеп менен 4 547,8 млн. сом. Натыйжада, 2020-жылга бюджет жөнүндө

бекитилген мыйзам менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмү, орточо бир айлык эмгек акы төлөө фондунан 9 эсе аз түзүлгөн.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесине ылайык, республикалык бюджетти аткарууда бюджеттик жыл ичинде кассалык үзгүлтүктөрдү жабуу муктаждыгын эске алуу менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмүн болжолдоо жана аны кезектеги бюджеттик жылы колдонуу методикасы белгиленген тартипте иштелип чыксын жана бекитилсин.

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 87-беренесинин 3-пункту сакталбастан, суу топтоо, ташуу, бөлүштүрүү, сууларды тазалоо жана башка суу чарба иш-чаралары менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдөн, СУМАнын атайын эсебине келип түшкөн 80,9 млн.сом сумасындагы жыйымдар, колдонуудагы мыйзамдарда карма-каршылыктардын болушуна байланыштуу, бюджеттин кирешесине төлөнгөн эмес.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы №85 токтому менен бекитилген (9-бөлүм, 1-пункт), Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине ылайык, суу пайдалануучуларга суу берүү акы төлөө негизинде жүргүзүлөт жана СУМАнын атайын эсебинин булактары катары кызмат кылат.

*Корутунду*

Салыктык эмес кирешелерди жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларда карама-каршылыктардын болушу, мындай учур суу ресурстарын пайдалангандыгы үчүн жыйымдарга карата Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 87-беренесинин 3-пунктуна туура келбеген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы №85 токтому.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 87-беренесинин 3-пунктуна карама-каршы келген, суу пайдалануучуларга сууну берүүгө карата, ченемдик-укуктук актыдагы - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы №85 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестриндеги карама-каршылыкты алып салуу маселеси, тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен каралсын.

*Аныкталды*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамда, КНСти кайтаруу боюнча чыгымдар 500,0 млн. сомго бекитилген. Кассалык чыгымдар 410,7 млн. сомду түзгөн.



КНСтин ордун толтуруу жана кайтаруу, бюджеттин чыгымдар бөлүгү аркылуу жүргүзүлөт, ошол эле учурда, салыктардын башка түрлөрүн жана салыктык эмес төлөмдөрдү кайтаруу жана ордун толтуруу, киреше бөлүгү аркылуу жүргүзүлөт (киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн азайтуу аркылуу).

Республикалык бюджеттин эсебинен КНСтин ордун толтуруу жана кайтаруу, 2016-жылдын 12-августундагы № 167 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинен алынып салынган (Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 279-беренеси өзгөртүлгөн).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2008-жылдагы № 735 токтому менен бекитилген, "КНСти ашыруу суммасын изилдөө, ордун толтуруу жана бюджеттен кайтаруу тартиби жөнүндө" Жобонун 49-пунктунда, "*мамлекеттик каражаттарды тескөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тиркемелери жана төлөм тапшырмалары менен корутундулардын реестрин алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде каралган каражаттардын эсебинен аларды аткарууга милдеттүү*" деп көрсөтүлгөн.

*Корутунду*

КНСтин ордун толтуруу жана кайтаруу, бюджеттин чыгымдар бөлүгү аркылуу жана салыктардын башка түрлөрүн жана салыктык эмес төлөмдөрдү кайтаруу жана ордун толтуруу киреше бөлүгү аркылуу жүргүзүлө тургандыгы аныкталган тартип, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун принциптеринин бири – Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренеси менен бекитилген бирдиктүүлүккө карама-каршы келет.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2008-жылдагы №735 токтому менен бекитилген, "КНСти ашыруу суммасын изилдөө, ордун толтуруу жана бюджеттен кайтаруу тартиби жөнүндө" Жобону Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренеси менен каралган бюджеттик тутумдун принциптерине ылайык келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы № 370 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоо тартиби, республикалык бюджеттен каржылоо суммасын студенттерге стипендия төлөөгө жана тамак-ашына кеткен чыгымдардан сырткары, бирдиктүү аккумуляциялык беренесинде карайт, ошол эле учурда факты жүзүндө жана кассалык чыгымдар суммасы, экономикалык классификациялоонун бардык беренелери боюнча бөлүп көрсөтүлөт.

*Корутунду*

Бул тартип Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренеси менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бирдиктүүлүк принцибине карма-каршы келет, ага ылайык, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин чыгымдык милдеттенмелерин жүргүзүү жана кирешелерди аныктоо, түзүү жана аткаруунун, бюджеттик мекемелердин жана бюджеттердин отчетторун түзүүнү жана бухгалтердик эсепти жүргүзүүнүн бирдиктүү тартиби иштеши керек.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Финансы министрлигинин 21.12.2017-жылдагы №161-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин бекитүү жөнүндө буйругуна ылайык, Бюджеттик кодекс менен бекитилген бирдиктүүлүк принцибин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.07.2016-жылдагы №370 • "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарын мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмдөрүнүн негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоо тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык келтирүү маселесин тиешелүү мамлекеттик органдарга карoo тапшырылсын.

***Орто мөөнөттүү мезгилге негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү жана аны аткаруунун жүрүшүндө киргизилген өзгөртүүлөр жана 2020-жылга республикалык бюджеттин бекитилген көрсөткүчтөрү менен алардын өз ара байланышын талдоо***

*Аныкталды*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эске алуу менен, республикалык бюджеттин жалпы кирешелери 163 710,4 млн.сом суммасында же ИДПга карата 24,5% каралган. ФСНБда бул көрсөткүч 163 764,5 млн.сом суммасында же ИДПга карата 24,5%га болжолдонгон.

Республикалык бюджеттин курамындагы салыктык эмес кирешелер 127 879,0 млн.сом суммасында (ИДПга карата 19,2%) болжолдонгон, ФСНБда болжолдоо 129 879,0 млн.сомду (ИДПга карата 19,5%) түзгөн, же 2 000,0 млн.сомго көп.

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, салыктык эмес кирешелердин келип түшүүсү 26 148,6 млн. сомго (ИДПга карата 3,9% болжолдонгон, ФСНБда болжолдоо 24 202,8 млн.сомду (ИДПга карата 3,6%) түзгөн, же 1 945,8 млн.сомго аз.

Республикалык бюджеттин расмий трансферттеринин келип түшүүсү, ФСНБны болжолдоо деңгээлинде 9 682,8 млн.сом суммасында пландалган.

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү, 2020-жылдын июнь жана декабрь айындагы абал боюнча, өнөр жай жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүн 5,0 % жана 9,0 %га азаюусун болжолдоо менен шартталган, демек, 4,1 % жана 4,3 %га бекитилген өсүүгө каршы. Курулуш жана айыл чарба тармагынын өсүү темпинин жайлап калышы 2,9 % и 2,0 %га чейинкини түзгөн, демек, 11,7 % жана 3,7 %га бекитилген өсүүгө каршы.



2020-жылга республикалык бюджетке киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, мамлекеттик инвестициялардын гранттарын эске алуу менен, республикалык бюджеттин кирешелери 139 377,0 млн.сом (ИДПга карата 23,9%) суммасында болжолдонгон, же бекитилген көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 24 333,4 млн.сомго азайтылган.

Республикалык бюджеттин салыктык кирешелеринин келип түшүүсү 96 895,7 млн. сом (ИДПга карата 16,6%) суммасында аныкталган, же бекитилген көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 30 983,3 млн.сомго азайтылган.

Республикалык бюджеттин салыктык эмес кирешелеринин келип түшүүсү 29 130,5 млн. сом (ИДПга карата 4,9%) суммасында болжолдонгон же бекитилген көрсөткүчтөрдөн 2 981,9 млн.сомго көбөйүү менен.

Расмий трансферттердин келип түшүүсү 13 350,7 млн.сомго болжолдонгон, же бекитилген көрсөткүчтөрдөн 3 667,9 млн.сомго көбөйүү менен.

*Корутунду*

ФСНБнын негизги көрсөткүчтөрү менен бюджеттин бекитилген жана такталган көрсөткүчтөрүнүн дал келбеши, республикада өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаал киргизилиши боюнча болуп өткөн окуяларга, ошондой эле өндүрүштүн жана өнөр жайда, айыл чарбасында, транспортто жана башка тармактарда кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун төмөндөшүнө байланыштуу болгон.

*Сунуш*

Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнү жана тиешелүү бюджеттик жылдагы бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, ФСНБнын көрсөткүчтөрүнө жана статистикалык маалыматтарга дайыма мониторинг жүргүзүүнүн негизинде жүзөгө ашырылсын жана алардын жыйынтыгы боюнча тиешелүү көрсөткүчтөргө түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштар киргизилсин.

***Бюджеттик процесстин ачыктыгын, айкындуулугун камсыз кылуунун, бюджеттик календардын сакталышын талдоо***

*Аныкталды*

Учурдагы жылдын 31-мартынан кечиктирилбестен 2020-2022-жылдарга республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдосун бекитүүнү караган Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 82-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 03.06.2019-жылы № 270 "2020-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн орто мөөнөттүү болжолдоо жөнүндө" токтомун кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 82-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-июлунан кечиктирилбестен, ФСНБ көрсөткүчтөрүн Өкмөт тарабынан бекитүүнүн белгиленген мөөнөтү алдында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 12.09.2019-жылы № 469 "2020-2022-жылдарга

Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө" токтомун кабыл алган.

Ресурстардын администраторлору (ЭМ, МСК, МБК) тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 31.01.2019-жылдагы № 9-б буйругу менен бекитилген, Бюджеттик календарда белгиленген маалыматтарды берүү мөөнөтү сакталган эмес.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан республикалык бюджеттин долбоорун түзүү процессин жөнгө салуучу ченемдик актыларды кабыл алуу мөөнөтү сакталган эмес. Ресурстардын администраторлору тарабынан республикалык бюджеттин долбоорун даярдоо үчүн ыйгарым укуктуу органга материалдарды берүү мөөнөтү үзгүлтүккө учуратылган.

*Сунуш*

Камсыздалсын:

- Бюджеттик кодекс менен белгиленген мөөнөттө, ресурстардын администраторлору тарабынан маалыматтарды берүү;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 82-беренеси менен белгиленген мөөнөттө, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети бекиткен, ФСНБ жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдоосуна ылайык, республикалык бюджеттин долбоорун түзүү.

***2020-жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга, бюджетти аткаруу боюнча отчеттун түзүмүнүн, форматынын ылайык келишин талдоо***

*Аныкталды*

2020-жылга республикалык бюджетти аткаруу боюнча отчетту даярдоодо жана берүүдө, Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган талаптар сакталган эмес:

- бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген эмес;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун курамына республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту 1-майдан кечиктирбестен берүүнүн мөөнөтү белгиленгени менен, отчет Финансы министрлигинин каты менен 15.05.2021-жылы жөнөтүлгөн;

- Өкмөт республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу мыйзамдын долбоорун отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен кароонун мөөнөтү белгиленгени менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 26.05.2021-жылы жөнөтүлгөн.

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, тартыштыктын чектелген өлчөмү 7 953,5 млн.сом суммасында белгиленген. Жыл ичинде киргизилген өзгөртүүлөрдүн жыйынтыгы менен, тартыштык көлөмү 29 764,0 млн.сомго



чейин көбөйгөн. 2020-жылга республикалык бюджеттин факты жүзүндөгү тартыштыгы 19 863,3 млн. сомду, же такталган көрсөткүчтөн 66,7 %ды түзгөн.

Финансы министрлигинин 26.11.2020-жылдагы "2020-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүү тууралуу" буйругу менен 2020-жылга бухгалтердик отчетту 18.03.2021-жылы берүү мөөнөтү белгиленгени менен, ӨКМ жана СМ отчеттору 2021-жылдын 26 жана 28-майында берилген.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүмүн бекитүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, ошондой эле Министрлер кабинетине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту ыйгарым укутуу орган тарабынан берүү мөөнөтү бөлүгүндө, Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган талаптар сакталган эмес.

ӨКМ жана СМ тарабынан отчеттор өз убагында берилбегендиктин натыйжасында, мамлекеттик башкаруу секторунун топтолгон балансын даярдоо мөөнөтү сакталган эмес.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүмүн бекитүү, Министрлер кабинетине республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту ыйгарым укуктуу орган тарабынан берүү мөөнөтү бөлүгүндө, Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган талаптардын сакталышы камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Мамлекеттик башкаруу секторунун топтолгон балансын даярдоо мөөнөтүн үзгүлтүккө учурашына алып келген, 2020-жылга карата отчетту Финансы министрлигине өз убагында бербегендиги үчүн, мурунку Саламаттыкты сактоо жана Өзгөчө кырдаалдар министрликтеринин тиешелүү кызматтагы адамдарынын, ошондой эле Министрлер кабинетине республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту берүү мөөнөтүн сактабагандыгы үчүн ыйгарым укутуу органдын жоопкерчилиги каралсын.

***Республикалык бюджеттин ресурстук жана киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо***

БК маалыматтары боюнча 2020-жылдын январь-декабрь айларына карата республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн жалпы көлөмү 134 585,0 млн. сомду, же белгиленген пландуу тапшырмадан 96,6%ды түзгөн. 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, бюджеттин жалпы кирешеси 13 899,3 млн. сомго же 9,4%га төмөндөгөн.

Салык кирешелеринин көлөмү 2020-жылга 91 860,9 млн. сомду, же пландан 94,8%ды түзгөн (жеткире түшпөгөн сумма 5 034,9 млн. сом). Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, салыктык кирешелер 14 068,6 млн. сомго же 13,3%га төмөндөгөн. Пландуу көрсөткүчтүн аткарылбай калышы, COVID-19 короновирус инфекциясынын чыгышынын

натыйжасында, экономикалык жагдайдын начарлашы менен шартталган *(1-тиркемени караңыз)*.

Отчеттук мезгилге карата МСК тарабынан 63 702,9 млн. сом суммасында республикалык бюджеттин кирешеси чогултулган, пландуу көрсөткүч 100,3%га аткарылган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, МСК кирешелери 4,2%,га же 2 777,5 млн. сомго төмөндөгөн. Салык кызматы тарабынан администрленген салыктык кирешелер планга карата 62 958,0 млн. сомду же 100,2%ды түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, 0,5%га же 324,8 млн.сомго көбөйгөн.

*Аныкталды*

Төмөндөгү булактар боюнча кирешелердин келип түшүүлөрүнүн болжолдоолору аткарылган эмес:

- Кыргыз Республикасынын жеке жактарынан – резиденттеринен жеке киреше салыгын факты жүзүндө чогултуу 1 577,4 млн. сомду түзгөн, пландуу көрсөткүч 97,0%га аткарылган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, салыктардын келип түшүүсү 2 эсеге же 1 609,8 млн. сомго азайган, бул болсо, республикалык бюджетке чегерүүлөрдүн ченемдерин 30%дан 15%га чейин өзгөртүү менен байланыштуу болгон;

- Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө КНСтин факты жүзүндө келип түшүүсү 10 654,0 млн. сомду түзгөн, же план 93,6%га аткарылган. Өткөн жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, жыйымдар 11,9%га же 1 437,8 млн.сомго азайган. Аткарууга өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн 8,6 %га, чекене жана дүң соода көлөмүнүн 16,1%га, мейманкана жана ресторандар кызмат көрсөтүүлөрүнүн 42,9%га төмөндөшү таасир эткен *(Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2020-жылдын январь-декабрындагы маалыматтары боюнча)*;

- ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринен Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарларга КНСтин келип түшүүсү отчеттук мезгилге карата 17 411,9 млн. сомду түзгөн, же пландуу көрсөткүч 99,4%га аткарылган. Өткөн жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, келип түшүүлөр 3,0%га же 545,5 млн. сомго төмөндөгөн. Пландуу көрсөткүчтөрдүн аткарылбагандыгынын негизги себеби болуп, ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттун көлөмүнүн 11,7%га азайышы эсептелген *(Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча)*;

- сатык салыгы боюнча жыйымдар 2 836,6 млн. сомду түзгөн, пландуу көрсөткүч 94,2%га аткарылган. Пландуу көрсөткүчтөрдүн аткарылбагандыгынын негизги себеби болуп, Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатууда, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоодо сатык салыгынан бошотуу, ошондой эле накталай эмес формада төлөө эсептелет;

- Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн жана сатылган товарларга акциздик салык боюнча келип түшүүлөр 977,4 млн. сомду түзгөн. пландуу көрсөткүч 79,2%га аткарылган. Өткөн жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, акциздик салыкты жыйноо 23,3%га же 297,6 млн.сомго



төмөндөгөн. Пландуу көрсөткүчтөрдүн аткарылбагандыгынын негизги себеби болуп, "Чайна петроль Компани "Джунда" ЖЧКсы менен "Токмок ишкер нефтини кайра иштеп чыгуучу завод" ЖЧКсынын токтоп калышы, ошондой эле алкоголдук продукцияны өндүрүүнүн индикативдүү планы өндүрүүчүлөр тарабынан аткарылбашы менен байланыштуу. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2020-жылы алкоголдук продукцияны өндүрүү, өткөн жылга салыштырмалуу 26,3%га төмөндөгөн.

2020-жылга МБК тарабынан салыктардын жана төлөмдөрдүн келип түшүүсү 28 902,8 млн. сомго же пландан 84,9%га камсыздалган (жеткире келип түшпөгөн сумма 5 142,2 млн. сом). Өткөн жылдын ушуга окшош мезгилине карата келип түшүүлөрдүн өсүү темпи 66,8%ды түзгөн.

Үчүнчү өлкөдөн Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарларга КНС боюнча жеткире түшпөгөндөр 11 395,4 млн. сомду же планга карата 68,0%ды түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу, келип түшүүлөр 45,4%га төмөндөгөн. Пландуу көрсөткүчтөрдүн аткарылбагандыгынын негизги себеби болуп, эпидемиологиялык жагдайдан улам, өткөрүү пункттары аркылуу жүктөрдү өткөрүү боюнча киргизилген чектөөлөр эсептелет.

2020-жылга республикалык бюджетке салыктык эмес келип түшүүлөр 30 906,1 млн. сомду, же пландан 106,1%ды түзгөн. Ошону менен бирге, салыктык эмес кирешелердин айрым булактары боюнча төмөндөгүлөр жеткире түшкөн эмес:

- мамлекеттик акциялардын пактине эсептелген дивиденддер боюнча, 348,9 млн.сом. Келип түшүүлөр 2 176,5 млн. сомду түзгөн, пландуу көрсөткүч 86,2%га аткарылган. 2020-жылы төмөндөгү коомдор дивиденддерди төлөшкөн эмес:

✓ «Кыргызалтын» ААКсы - 310,5 млн.сом;

✓ «РСК Банк» ААКсы - 105,8 млн.сом ("капиталдын буфери" индексинен улам, КРУБдун тыюу салуусу);

✓ «ТНК «Дастан» ААКсы - 14,1 млн.сом;

✓ «Кыргызтелеком» ААКсы - 32,5 млн.сом.

- 2020-жылга республикалык бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тиешелүү болгон мамлекеттик ишканалардын кирешелеринен чегерүүлөр, 28,6 млн. сом. Келип түшүүлөр 521,4 млн. сомду же пландуу көрсөткүчкө карата 94,8%ды түзгөн. Чегерүүлөрдүн жеткире келип түшпөшү, «УК «Кыргыз темир жолу» МИ 115,1 млн. сом карызын төлөбөгөндүгү менен шартталган.

*Корутунду*

Төмөндөгү булактар боюнча кирешелердин келип түшүүлөрүн болжолдоолор аткарылган эмес:

Кыргыз Республикасынын жеке жактарынан – резиденттеринен жеке киреше салыгын чогултуу - 97,0%; Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө КНСтин келип түшүүсү -

93,6%; ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринен Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарларга КНСтин келип түшүүсү - 99,4%; сатык салыгы боюнча – 94,2%; Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн жана сатылган товарларга акциздик салык боюнча келип түшүүлөр - 79,2%;

ММБФ боюнча акциялардын мамлекеттик пакетине эсептелген дивиденддер – 86,2 %, республикалык бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тиешелүү болгон мамлекеттик ишканалардын кирешелеринен чегерүүлөр – пландуу көрсөткүчкө карата 94,8%.

МБК тарабынан салыктардын жана төлөмдөрдүн келип түшүүлөрү 5,1 млрд. сомго камсыздалган эмес, болжолдоо 84,9%га аткарылган.

*Сунуш*

Бюджетке келип түшүүлөрдү көзөмөлдөө боюнча мониторинг жүргүзүү жол-жоболорун сактоо бөлүгүндө, Финансы министрлигинин 24.08.2018-жылдагы №91-б "Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына мониторинг жүргүзүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" буйругун аткаруу камсыздалсын.

***Бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышын талдоо***

Республикалык бюджеттин *(атайын эсептин каражаттарын, тышкы гранттарды жана МИП кредиттерин эске алуу менен)* жыйынды чыгымдары *(күндөлүк чыгымдар жана финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдар)* 2020-жылга 154,5 млрд. сомду же 169,1 млрд. сом суммасында такталган пландан 91,3% ды түзгөн.

Республикалык бюджеттин *(атайын эсептин каражаттарын, тышкы гранттарды жана МИП кредиттерин эске албаганда)* жыйынды чыгымдары 139,4 млрд. сом суммасында такталган план алдында 133,1 млрд. сомду түзгөн, же 95,5 %га аткарылган *(2-тиркемени караңыз).*

*Корголгон беренелер жана социалдык маанидеги чыгымдар боюнча бюджеттик мекемелерди толук жана өз убагында каржылоо*

*Критерийлердин бузулгандыгы жөнүндө корутунду*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 1-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.06.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген, "Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибин" бузуу менен, корголгон беренелер боюнча кредиттик карыздын болушу менен, корголбогон беренелер боюнча чыгымдар жүргүзүлгөн. 2020-жылдын декабрында БК тарабынан корголгон беренелер боюнча 212,5 млн. сом суммасында бюджеттик мекемелердин чыгымдары жүргүзүлгөн эмес. 2020-жылдын аягында корголгон беренелер боюнча кредиттик карыз 535,4 млн. сомду түзгөн.

*Сунуш*

Корголгон беренелер боюнча кредиттик карыздын болушу менен, корголбогон беренелер боюнча чыгымдардын жүргүзүлүшүнө карата, 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамдын 6-беренесинин 1-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.06.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген, "Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибинин" 185-



пунктунун сакталышы боюнча контролдоонун жоктугу үчүн,тиешелүү адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

*Министрликтер жана ведомстволор бөлүгүндө бюджеттик каражаттардын чыгымдарын каржылоону талдоо*

*Аныкталды*

Министрликтердин жана ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүндөгү мамлекеттик кызматчылардын жана техникалык персоналдардын штаттарынан ашык бирдиктери төмөндөгүлөрдү түзгөн: ББИМ – мамлекеттик кызматчылар 56 бирдик жана ТТП менен КТП 7,6 бирдик; ЭСӨМ - мамлекеттик кызматчылар 7 бирдик жана ТТП менен КТП 2 бирдик; ММТМ - мамлекеттик кызматчылар 24 бирдик жана ТТП менен КТП 8 бирдик; ЖДСМА – ТТП 3,5 бирдик.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" жана 04.05.2017-жылдагы №253 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомдорун бузуу менен, министрликтер жана ведомстволор тарабынан штаттан ашык бирдиктерди күтүүгө (Соцфондго төлөмдөрдү эске алуу менен) 17 200,6 миң сом чыгымдалган, анын ичинен, ББИМ - 12 158,2 миң сом, ЭСӨМ – 1 326,0 миң сом; ММТМ - 3 480,0 миң сом; ЖДСМА - 236,4 миң сом.

*Сунуш*

Билим берүү жана илим министрлиги, Саламаттык сактоо жана социалдык өнүгүү министрлиги, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен биргелешип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" жана 04.05.2017-жылдагы №253 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомдор менен каралган чектөөлөр менен, аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрдөгү кызматчылардын, техникалык жана тейлөөчү персоналдардын штаттык сандарын ылайык келтирүү чаралары көрүлсүн.

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.07.2011-жылдагы № 365 "Үйүнө барып социалдык тейлөө жөнүндө типтүү жобону бекитүү туралуу" токтомго ылайык, жергиликтүү бюджеттин эсебинен бийик тоолуу, алыскы райондордо социалдык тейлөөгө муктаж болгон 30дан кем эмес адам жана

социалдык тейлөөгө муктаж болгон 60тан кем эмес адамдын болушу менен, директүү социалдык коргоо бөлүмүнүн/секторунун белгиленген ченемде иштеши менен, СССӨМдө республикалык бюджеттин эсебинен 863 бирдиктеги социалдык кызматкерлер күтүлгөн.

*Көрүүндү*

СССӨМдин 863 бирдиктеги социалдык кызматкерлерин күтүүгө, республикалык бюджеттен 78 925,7 миң сом багытталган, мында, айыл өкмөтүнүн жана шаардык башкармалыктын штаттык жүгүртмөлөрү боюнча, жергиликтүү бюджеттин эсебинен СССӨМдин кызматкерлери эле аткарган функцияларды аткарган социалдык кызматкерлер бар.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен биргелешип, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен социалдык кызматкерлерди күтүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.07.2011-жылдагы № 365 "Үйүнө барып социалдык тейлөө жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомдун күчүн эске алуу менен, республикалык бюджеттин эсебинен социалдык кызматкерлерди күтүүнүн негиздүүлүгү жана натыйжалуулугу каралсын.

*Аныкталды*

ММТМдин алдындагы Улуттук маданий борбордо, ЖДСМАнын спорттун олимпиадалык түрү, спорттун олимпиадалык эмес түрү, спорттун улуттук түрү боюнча дирекцияларда штаттан ашык директордун орун басары бирдиктери аныкталган.

Штаттан ашык директордун орун басары кызматы боюнча ЖДСМАнын Мектеп жана студенттик спортту өнүктүрүү боюнча дирекцияда 3 бирдик; ММТМдын Улуттук китепканасында – 2 бирдик; МККнын алдындагы Архив агенттигинин ведомстволук бөлүмдөрүндө – 9 бирдик бар.

*Көрүүндү*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомун бузуу менен, штаттан ашык бирдиктерди күтүүгө 4 942,2 миң сом чыгымдалган.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен биргелешип, ведомстволук бөлүмдөрдүн штаттык санын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна ылайык келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

*Аныкталды*



"Манас Ордо" Кыргыз улуттук комплексинин штаттык жүгүртмө боюнча, 2020-жылдын январынан апрелине чейинки мезгилде кызматкерлердин бир айлык эмгек акы фонду 473,4 миң сомду түзгөн. Кызматтык акыга карата 1,8 өлчөмдөгү коэффициентти белгилөөнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2020-жылдагы №221 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-августундагы № 429 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтомуна ылайык, эмгек акыны жогорулатууга байланыштуу, бир айлык эмгек акы фонду 621,3 миң сомду түзгөн. Бир жылдык эмгек акы фонду 6 864,0 миң сомду (473,4*4 + 621,3*8) түзүшү керек. Такталган план жана кассалык чыгымдар 9 149,6 миң сомду түзгөн.

*Көрүүндү*

"Манас Ордо" Кыргыз улуттук комплексин "Эмгек акы" беренеси боюнча ашыкча каржылоо, такталган планга киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 2 285,6 миң сомду түзгөн.

*Сунуш*

"Манас Ордо" Кыргыз улуттук комплексин "Эмгек акы" беренеси боюнча чыгымдарды каржылоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.04.2020-жылдагы №221 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-августундагы № 429 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык, эсептөөлөрдөн улам түзүлгөн эмгек акы фондуна ылайык жүргүзүлсүн.

*Аныкталды*

2020-жылга окуу жайлардын чыгымдар сметалары тиешелүү эсептөөлөрсүз түзүлгөн *(аны түзүүдө бюджеттик жана контракттык негизде окуган окуучулардын контингенти эске алынган эмес)*. Натыйжада, төмөндөгүлөр боюнча контракттык негизде окуган окуучулардын окуусу боюнча чыгымдар, бюджеттик каражаттардын эсебинен каржыланган:

- ✓ ММТМнын Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети - 16 403,0 миң сом;
- ✓ ММТМнын Республикалык маданият колледжи - 4 460,8 миң сом;
- ✓ ББИМдин 21 ОКОЖу - 58 230,4 миң сом;
- ✓ ССМдин 13 медициналык колледжи - 23 569,3 миң сом.

*Көрүүндү*

Окуу жайларын каржылоонун бекитилген механизмдери (ченемдери) жок туруп, контракттык негизде окуган окуучулардын окуусу боюнча чыгымдар, бюджеттик каражаттардын эсебинен жалпы 105493,9 миң сом суммасында каржыланган.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Орто окуу жайларын, колледждерди жана лицейлерди каржылоо ченемдерин иштеп чыгууну камсыздоо жана белгиленген тартипте кароо үчүн, ченемдик актылардын долбоорлорун даярдоонун жыйынтыгы боюнча,

Билим берүү жана илим министрлигинин, Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин жетекчилерине жеке жоопкерчиликти жүктөсүн.

*Эмгек акы боюнча чыгымдарды түзүү*

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.03.2017-жылдагы №131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жобону бузуу менен, ӨЭЖКМКнын эмгек акы фондуна 211 "Эмгек акы" беренеси менен жыл жыйынтыгы боюнча 1,7 млн.сом суммасындагы сый акы киргизилген *(факты жүзүндө чыгымдар каржыланган эмес).*

*Корутунду*

ӨЭЖКМКнын бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасы боюнча эмгек акы фонду 1,7 млн.сомго ашырылган *(факты жүзүндө чыгымдар каржыланган эмес).*

*Сунуш*

Тиешелүү чыгымдарды жүргүзүү тартибин регламенттөөчү ченемдик актылар жана негизделген эсептөөлөр менен тастыкталган беренелер бөлүгүндө, пландалган чыгымдар суммасына мониторинг жүргүзүүнү эске алуу менен, министрликтер жана ведомстволор бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметаларын макулдашышы керек.

*Сметалык багыттоолорду каржылоо*

*Аныкталды*

Финансы министрлигинин 21.12.2017-жылдагы №161б буйругу менен бекитилген, Бюджеттик классификациянын чыгымдарын экономикалык классификациясы сакталбастан, ТЖМдин алдындагы Жол чарба департаментинин ведомстволук автомобиль жолдору башкармалыктарынын бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметаларында күтүү боюнча күндөлүк чыгымдар *(байланыш кызматы, кызматтык иш сапарларга чыгымдар, коммуналдык кызматтар, товарларды жана башка кызматтарды сатып алуу, кеңсе жана чарбалык товарларды сатып алуу)* жалпы 227,5 млн.сом суммасында 311 "Негизги фонддор" беренесине киргизилген, ал боюнча сатып алуулар, имараттардын жана курулмалардын бардык түрлөрү боюнча капиталдык оңдоо жана курулуш иштери боюнча чыгымдар эске алынган.

*Корутунду*

Финансы министрлигинин 21.12.2017-жылдагы №161б буйругу менен бекитилген, Бюджеттик классификациянын чыгымдарын экономикалык классификациялоо сакталбастан, ТЖМдин алдындагы Жол чарба департаментинин ведомстволук автомобиль жолдору башкармалыктарынын бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметаларында күтүү боюнча күндөлүк чыгымдар жалпы 227,5 млн.сом суммасында 311 "Негизги фонддор" беренесине киргизилген.



*Сунуш*

ТЖМдин алдындагы Жол чарба департаментинин ведомстволук автомобиль жолдору башкармалыктарынын бекитилген чыгымдар беренелери боюнча каржылоо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациялоосунун чыгымдарын экономикалык классификациялоого ылайык жүргүзүлсүн.

***Министрликтер жана ведомстволор тарабынан чыгымдар сметаларын аткарууда мыйзамдуу жана ченемдик актылардын сакталбашы***

*Аныкталды*

*- КЧКТЧМАнын Токой экоситемаларын өнүктүрүү департаменти*

Салык кодексинин жана "Салыктык эмес төлөмдөр" кодексинин беренелерин сактабастан, бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тийиш болгон мамлекеттик токой фондунун жерлерин ижарага берүүдөн, айып пулдар, туумдар, жер салыгы боюнча каражаттардын атайын каражаттар эсебине 14,0 млн.сом суммасында түшкөн кирешелердин ичинен 4,4 млн.сом бюджеттин кирешесине төлөнгөн жана өткөн мезгилге карата 15,8 млн.сом кредиттик карыз төлөнгөн.

*Корутунду*

Бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тийиш болгон мамлекеттик токой фондунун жерлерин ижарага берүүдөн, айып пулдар, туумдар, жер салыгы боюнча 14,0 млн.сом суммасында түшкөн кирешелердин ичинен 9,6 млн.сом жеткире чегерилген эмес.

*Сунуш*

КЧКТЧМА Токой экоситемаларын өнүктүрүү департаменти тарабынан мамлекеттик токой фондунун жерлерин ижарага берүүдөн, айып пулдар, туумдар, жер салыгы боюнча 9,6 млн.сом суммасындагы жеткире түшпөгөн кирешелер бюджеттин кирешесине чегерүү боюнча чараларды көрсүн.

Экономика жана финансы министрлиги 2021-жылдагы бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, КЧКТЧМАнын Токой экоситемаларын өнүктүрүү департаментинен 9,6 млн.сом суммасындагы келип түшүүлөрдү республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө кошумча эске алсын.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана ноомөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 2-тиркемеси сакталбастан:

✓ ТЖМнын Жол чарба депратаментинде лимиттен ашык ноөмөттүк 3 бирдиктеги автотранспорт болгон, аларды күтүү боюнча чыгымдар 1,2 млн.сом бюджеттик каражаттарды түзгөн;

✓ Улуттук маданий борбордо лимиттен ашык нөөмөттүк 1 бирдиктеги автотранспорт болгон, аларды күтүү боюнча чыгымдар 97,8 миң сомду түзгөн.

*Сунуш*

Транспорт жана коммуникациялар министрлиги, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар иши министрлиги менен биргелешип, Жол чарба департаментинин жана Улуттук маданий борбордун нөөмөтүк транспортторунун санын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 2-тиркемесине ылайык келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманы сактабастан, айрым министрликтер жана ведомстволор боюнча 2020-жылдын аягында дебитордук карыздын жана ТМБнын ченемден ашык корлорунун калдыгы 21 259,9 миң сомду түзгөн, ал аудиттин жүрүшүндө чегерилген.

Министрликтер жана ведомстволор боюнча алыш-бериш эсептериндеги каражаттар жана ТМБлардын чегерилбеген ченемден ашык калдыктары 44 576,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- ✓ БИМ – 23 056,0 миң сом;
- ✓ Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия – 430,5 миң сом;
- ✓ ММТМ - 2084,0 миң сом;
- ✓ ММКнын алдындагы Архив агенттиги - 641,7 миң сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши - 2562,0 миң сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыгы - 54,2 миң сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Президенти менен Өкмөтүнүн Иш башкармалыгы - 6399,1 миң сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты - 48,2 миң сом;
- ✓ ТИМ (чет өлкөдөгү мекемелер) – 1 023,1 миң сом;
- ✓ ЮМ - 151,4 миң сом;
- ✓ МБК – 1 118,2 миң сом;
- ✓ Мамлекеттик финансылык чалгындоо - 67,0 миң сом;
- ✓ Мамлекеттик финансылык көзөмөлдөө - 11,2 миң сом;
- ✓ Сот департаменти - 6 930,2 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын жана мамлекеттик райондук администрациялардын чыгымдар сметаларынын аткарылышынын отчеттору боюнча кредиттик карыздардан ашырылган дебитордук карыздар областтарда 5 561,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен, төмөндөгү мамлекеттик райондук администрациялар боюнча: Тогуз-Торо - 541,6 миң сом; Кара-Кулжа - 41,1 миң сом; Кара-Суу-22,1 миң сом; Жети-Өгүз - 32,5 миң сом; Ысык-Көл -160,6 миң сом; Ноокат - 299,9 миң сом; Аксы - 509,5 миң сом; Ак-Талаа - 82,7 миң сом; Токтогул - 73,5



миң сом; Аламүдүн-207,1 миң сом; Чүй - 422,9 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты - 754,2 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты – 1 576,4 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Талас областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты - 837,5 миң сом.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3.11.2011-жылдагы №694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бекитүү тууралуу" токтомун сактоо боюнча контролдоо жоктугуна карата финансылык органдардын жооптуу кызматкерлерине административдик чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3.11.2011-жылдагы №694 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3.11.2011-жылдагы №694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бекитүү тууралуу" токтомун аткаруу боюнча иш-чараларды өткөрүү камсыздалсын.

Бюджеттин кирешесине өндүрүлсүн (каржылоодо чегерилсин):

- Министрликтер жана ведомстволор боюнча алыш-бериш эсептериндеги 44576,8 миң сом суммасындагы каражаттар жана ТМБлардын ченемден ашык калдыктары, анын ичинен:

- ✓ БИМ – 23056,0 миң сом;
- ✓ Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия – 430,5 миң сом;
- ✓ ММТМ - 2084,0 миң сом;
- ✓ ММКнын алдындагы Архив агенттиги - 641,7 миң сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыгы - 54,2 миң сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Президенти менен Өкмөтүнүн Иш башкармалыгы - 6399,1 миң сом;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты - 48,2 миң сом;
- ✓ ТИМ (чет өлкөдөгү мекемелер) - 1023,1 миң сом;
- ✓ ЮМ - 151,4 миң сом;
- ✓ МБК - 1118,2 миң сом;
- ✓ Мамлекеттик финансылык чалгындоо - 67,0 миң сом;
- ✓ Мамлекеттик финансылык көзөмөлдөө - 11,2 миң сом;
- ✓ Сот департаменти - 6930,2 миң сом;

Областардагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары жана мамлекеттик райондук администрациялар боюнча алыш-бериш эсептериндеги каражаттар жана ТМБлардын ченемден ашык калдыктары 5 561,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен, төмөндөгү мамлекеттик райондук администрациялар боюнча: Тогуз-Торо - 541,6 миң

сом; Кара-Кулжа - 41,1 миң сом; Кара-Суу- 22,1 миң сом; Жети-Өгүз -32,5 миң сом; Ысык-Көл - 160,6 миң сом; Ноокат-299,9 миң сом; Аксы - 509,5 миң сом; Ак-Талаа - 82,7 миң сом; Токтогул - 73,5 миң сом; Аламүдүн - 207,1 миң сом; Чүй - 422,9 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты - 754,2 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты - 1576,4 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Талас областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты - 837,5 миң сом.

*Коммуналдык кызматтар*

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Президенти менен Өкмөтүнүн Иш башкармалыгынын алдындагы Мамлекеттик имараттар департаменти тарабынан ижарага берилген жана мамлекеттик органдардын балансында турган имараттар боюнча чыгымдарды талдоо, мамлекеттик органдардын балансында турган имараттардын 1 кв.м. үчүн коммуналдык кызматтардын ай сайынкы төлөмү орточо 55,6 сомду түзгөн, ал эми Департаменттин чыгымдар сметасы боюнча - 233,3 сом, же 177,7 сомго көп (4,2 эсе).

*8-таблица: 2020-жылга министрликтер жана ведомстволор тарабынан коммуналдык кызматтарга төлөө боюнча маалыматтар*

| Министрликтер жана ведомстволор тарабынан имараттарды ижарага алуу | кв.м. | 2020-жылга келишим боюнча төлөө (миң сом) | 1 кв.м үчүн (сом) |
|---|---|---|---|
| ТЖМ | 3403,1 | 9685,2 | 237,1 |
| АЧТӨММ | 2148,6 | 6033,9 | 234,0 |
| ӨЭЖКМК | 2703,8 | 4940,0 | 152,2 |
| ММБФ | 1216,9 | 4563,6 | 312,5 |
| КЧКТЧМА | 1009,9 | 2792,0 | 230,4 |
| ВФКМИ | 858,6 | 2454,7 | 238,2 |
| ЭТКМИ | 1913,9 | 6154,7 | 267,9 |
| ММРФ | 429,6 | 1692,3 | 328,3 |
| Бардыгы | 13684,4 | 38316,4 | 233,3 |

| Министрликтердин жана ведомстволордун балансында турган имараттар | кв.м. | 2020-жылга факты жүзүндөгү чыгым (миң сом) | 1 кв.м үчүн (сом) |
|---|---|---|---|
| СРМА | 2368,2 | 1123,4 | 39,5 |
| ЖРМА | 2628,0 | 1774,2 | 56,2 |
| АЧТӨММ алдындагы Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо боюнча департамент | 376,4 | 321,7 | 71,2 |
| **БАРДЫГЫ** | 5372,6 | 3219,3 | 55,6 (орточо өлчөм) |

*Корутунду*

Министрликтерге жана ведомстволорго ижарага берилген аянттардан жана Департамент тарабынан алынган, 1 кв.м. үчүн коммуналдык кызматтарга төлөө суммаларынан улам, республикалык бюджеттен жабылган чыгымдарды төлөө наркын ашыруудан четтөө 29,2 млн.сомду (177,7 сом *13684,4 кв.м.*12 ) түзгөн.



Департамент менен кол коюлган келишимге ылайык, 2020-жылы коммуналдык кызматтарды төлөө боюнча ушундай эле жагдай Финансы министрлигинин Окуу борбору, ЭСӨМ, БИМ, ММТМдин Туризм департаменти боюнча аныкталган.

Мурда, 2019-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасы тарабынан Өкмөткө коммуналдык кызматтарды төлөөгө республикалык бюджеттен каржыланган чыгымдарды үнөмдөө максатында, министрликтердин жана ведомстволордун балансына имараттарды берүү маселесин кароону министрликтерге жана ведомстволорго тапшыруу сунушталган. Бирок, ушул кезге чейин иш жүргүзүлгөн эмес.

*Сунуш*

Чыгымдарды үнөмдөө жана бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууну кыскартуу максатында, ыкчам башкаруу укугунда имараттар менен жайларды министрликтер менен ведомстволорго бекитүү жөнүндө маселени Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин кароосуна даярдоо жана киргизүү демилгеленсин.

*Электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газын керектөө лимиттеринин сакталышы*

*Аныкталды*

Экономика жана финансы министрлигин маалыматтары боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.03.2020-жылдагы №188 "Кыргыз Республикасынын 2020-2022-жылдарга карата электр жана жылуулук энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө" токтомунун белгиленген тарифтердин натыйжасында, БКБТ тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.04.2019-жылдагы №102-б буйругу менен бекитилген жана 2020-жылы колдонулган электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газын керектөө лимиттеринин 237,7 млн.сомго ашырылышына жол берилген, анын ичинен, электр энергиясы боюнча 82,5 млн.сомго 36 840,2 миң кВт саат (орточо тариф 2,24 сом/1 кВт саат); жылуулук энергиясы - 76,6 млн.сомго 45 185,1 Гкал (орточо тариф 1695,1 сом/Гкал); жаратылыш газы - 78,6 млн.сомго 4219,6 миң куб.м. (орточо тариф 1 $м^3$ үчүн 18,63860 сом).

*Корутунду*

БКБТ тарабынан коммуналдык кызматтар боюнча белгиленген лимиттерден 237,7 млн.сомго ашырууга жол берилген, анын ичинен, электр энергиясын - 82,5 млн.сомго, жылуулук энергиясын - 76,6 млн.сомго, жаратылыш газын - 78,6 млн.сомго.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.04.2019-жылдагы №102-б буйругуна ылайык, электр, жылуулук энергияларын жана жаратылыш газына белгиленген керектөө лимиттерин ашырууга жол бергендиги үчүн, министрликтердин жана ведомстволордун тиешелүү кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

*Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга чыгымдардын каржыланышын талдоо*

*Аныкталды*

26653 "Социалдык төлмдөрдү жогорулатуу" ведомстволук классификациялоо коду боюнча 2020-жылга бекитилген бюджетте, так эсептөөлөр жана бюджет алуучулар боюнча бөлүштүрүү жок туруп, 4 416,9 млн. сом каралган. Көрсөтүлгөн код боюнча социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга чыгымдарды 640,0 млн. сомго көбөйтүү, бюджетке кошумча келип түшүү булактары же Бюджеттик кодекстин 4-беренесинин 3-пункту менен каралган бюджеттик кыскартуу аныкталбстан туруп жүргүзүлгөн.

Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга каралган 5 056,9 млн. сом суммасындагы бюджеттик каражаттар, Финансы министрлиги тарабынан резервдик булак катары пайдаланылган. 26640 "Финансы министрлиги "Капиталдык салымдар" коду боюнча Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга каражаттардын эсебинен, социалдык чөйрөгө кирбеген кошумча чыгымдарга 238 211,0 миң сом багытталган.

*Корутунду*

26653 "Социалдык төлмдөрдү жогорулатуу" ведомстволук классификациялоо коду боюнча чыгымдарды түзүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү тартибин сактабастан, бюджет алуучулар жана негизделген эсептөөлөр жок туруп жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.06.2020-жылдагы №231-б "Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга каражаттарды көбөйтүү жөнүндө" буйругу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 4-беренесинин 3-пункту менен каралган бюджеттик чыгымдарды кыскартуу же бюджетке кошумча келип түшүүлөрдүн булактарын аныктоо жок туруп кабыл алынган.

Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга каралган 5 056,9 млн. сомдук бюджеттик каражаттар, Финансы министрлиги тарабынан резервдик булак катары колдонулган. Көрсөтүлгөн каражаттардын эсебинен айрым министрликтер жана ведомстволор тарабынан 2020-жылга чыгымдар сметасына эмгек акы суммасын көбөйтүү киргизилбегендиктен, министрликтерге жана ведомстволорго эмгек акыны жогорулатууга жана Социалдык фонддун төгүмдөрүнө 3 652,0 млн. сом багытталган, эмгек акыны жогорулатуу 2018 жана 2019-жылдары жүргүзүлгөн.

Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга каражаттардын ичинен, 26640 "Финансы министрлиги "Капиталдык салымдар" коду боюнча социалдык чөйрөгө кирбеген кошумча чыгымдарга 238 211,0 миң сом максатсыз пайдаланылган.

*Сунуш*

Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга чыгымдарды түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү тартибин так сактоо камсыздалсын.



*Жол кыймылынын эрежелерин (ЖКЭ) бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн суммалардын пайдаланылышын жана "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен* фиксацияланган *транспорттук каражаттардын пайдаланылышын талдоо*

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.02.2019-жылдагы №56 "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомун сактабастан, транспорттук каражаттарды пайдалангандыгы жана ЖКЭни бузгандыгы үчүн өндүрүлгөн айып пулдардын 721,8 млн.сом суммасында келип түшкөнү менен, 97,0 млн.сом каржылоого багытталган.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.02.2019-жылдагы №56 токтому менен бекитилген, Айып пулдарды түзүү жана пайдалануу тартибинин 8-10-пункттарына ылайык, 2020-жылга тиешелүү мамлекеттик органдар 624,8 млн.сомго жеткире каржыланган эмес.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Мамлекеттик органдарды каржылоо тартибин сактоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.02.2019-жылдагы №56 "Акылдуу шаар" долбоорунун "Коопсуз шаар" компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган Жолдо жүрүүнүн жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу үчүн өндүрүлгөн айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомун аткаруу боюнча контролдоо жоктугу үчүн, Финансы министрлигинин тиешелүү кызматтагы адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*"Кумтөрдөн" келип түшкөн каражаттардын пайдаланылышын талдоо*

*Аныкталды (корутунду)*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.10.2019-жылдагы № 529 "Кумтөр Голд Компани" Жабык акционердик коомунан келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынан келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө жобону бузуу менен, конкурстук комиссиянын чечими жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими жок туруп, "Кумтөр Голд Компани" ЖАКынан келип түшкөн каражаттардын ичинен 4 915,7 млн.сом максатсыз пайдаланылган, анын ичинен: "Ишкердик субъекттерин каржылоо" программасы боюнча региондорду өнүктүрүү үчүн - 1 072,4 млн.сом, бюджеттин кезектеги чыгымдарын жабууга – 3 843,3 млн.сом.

*Сунуш*

"2020-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, максатсыз пайдаланылган 4 915,7 млн.сом БКЭге калыбына келтирилсин.

*Кошумча жүргүзүлгөн чыгымдарды талдоо*

*Корутунду*

2020-жылга бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамды кабыл алуунун натыйжасында, 2020-жылдын июнь айындагы абал боюнча иш-чаралар 3,3 млрд.сомго каржыланган, анын ичинен, келип түшүү булагы жок туруп 1,8 млрд.сом.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Кошумча чыгымдарды каржылоонун конкреттүү булактарын аныктоо жана/же тиешелүү көлөмдө чыгымдардын башка категорияларын кыскартуу жөнүндө сунуштарды киргизүүнү эске алуу менен, милдеттүү түрдө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашып, бюджеттин кошумча чыгымдарын бөлүү жөнүндө чечимди кабыл алууну жүргүзсүн (Мыйзамды кабыл алганга чейин).

*Капиталдык салымдар*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамга ылайык, "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча республикалык бюджеттен чыгымдарды каржылоого каражаттардын көлөмү 3,0 млрд.сомду түзгөн, ал 2020-жылга бекитилген тизмеде алардын артыкчылыктуулугун эске алуу менен, өткөн мезгилде курулушка, объекттерди реконструкциялоого каралган объекттердин курулушун аяктоого багытталган.

Бюджеттик жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу менен, "Капиталдык салымдар" беренесине өзгөртүүлөр киргизилген 26640 "Финансы министрлиги "Капиталдык салымдар" коду боюнча такталган план, 26630 "Финансы министрлиги (жалпы мамлекеттик чыгымдар)" кодунан 26640 "Финансы министрлиги "Капиталдык салымдар" кодуна 98,2 млн. сом суммасын жылдырууну эске алуу менен, 3 548,4 млн. сомду түзгөн.

*Аныкталды*

Капиталдык салымдардын эсебинен, Кыргызстандын алыскы чек ара аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө камсыздоо боюнча мамлекеттик программанын 2-этабын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар 98,2 млн. сомго каржыланган, кассалык чыгым 86,3 млн. сомду түзгөн. Ошону менен бирге, 2020-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 6-тиркемесине ылайык, чек ара аймактарын өнүктүрүү боюнча чыгымдар, киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 26630 "Финансы министрлиги (жалпы мамлекеттик чыгымдар)" ведомстволук классификациялоо боюнча операциялык чыгымдардын ичине 115,0 млн.сом суммасында салынган.



Капиталдык салымдардын каражаттары, 3 450,2 млн.сом суммасындагы капиталдык салымдардын 11 администраторуна (заказ берүүчүлөр-куруучулар) бөлүштүрүлгөн, алар: ТЖКД - 1 810,2 млн. сом (52,4%), ЖЧД – 838,0 млн. сомв (24,3%), МСРА – 400,0 млн. сом (11,6%) ж.б. *(3-тиркемени караңыз).*

Капиталдык салымдар боюнча кассалык чыгымдар 3 061,5 млн. сомду түзгөн, же каржылоо планы 88,7%га аткарылган. Жеткире каржыланбаган абдан чоң 188,0 млн. сом суммасы ТЖКД объекттери боюнча салынган.

ТЖКД боюнча такталган тизме менен 398 объектти каржылоо каралган. Финансы министрлиги тарабынан 1 713,5 млн. сом каржылоо жүргүзүлмөк, 1 612,7 млн сомго (94,1%) каржыланган.

*4-таблица: Объекттер бөлүгүндө ТЖКДга бөлүнгөн капиталдык салымдардын суммалары боюнча маалыматтар*

| Аталышы | Капиталдык салымдардын планы, миң сом | Каржылоо | | Каржыланган | | 2020-жылдын январь-декабрына карата өздөштүрүлгөн капиталдык салымдар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | миң сом | % | миң сом | % | миң сом | % |
| Мектептер | 850 904,0 | 827 135,9 | 97,2 | 768 711,8 | 92,9 | 549 698,1 | 71,5 |
| Спорт комплекстер | 15 829,8 | 12 829,8 | 81,0 | 12 551,3 | 97,8 | 24 087,4 | 191,9 |
| Бала бакчалар | 79 865,2 | 55 865,2 | 69,9 | 55 440,4 | | 66 385,9 | |
| Саламаттык сактоо | 96 391,9 | 96 391,9 | 100,0 | 94 052,7 | 97,6 | 50 591,0 | 53,8 |
| Маданият | 18 287,6 | 18 287,6 | 100,0 | 18 269,0 | 99,9 | 30 037,0 | 164,4 |
| Жана башкалар | 49 101,0 | 49 101,0 | 100,0 | 48 997,9 | 99,8 | 21 785,8 | 44,5 |
| Социалдык объекттерди долбоорлоо | 5 000,0 | 5 000,0 | 100,0 | 5 000,0 | 100,0 | | |
| Суу менен жаблуу жана суу бөлүштүрүү объекттери | 240 000,0 | 232 988,3 | 97,1 | 226 146,1 | 97,1 | 223 286,1 | 98,7 |
| Социалдык-маданий объекттерди капиталдык оңдоо | 87 408,2 | 86 677,6 | 99,2 | 73 120,3 | 84,4 | 44 002,6 | 60,2 |
| Кредиттик карыз | 29 493,7 | 29 493,7 | 100,0 | 27 804,0 | 94,3 | 21 131,0 | 76,0 |
| *Чек ара объектери* | 76 200,0 | 76 200,0 | 100,0 | 69 547,2 | 91,3 | 49 703,9 | 71,5 |
| *Бирдиктүү депозиттик эсептен каражаттар* | 224 211,0 | 198 289,6 | 88,4 | 187 931,0 | 94,8 | 290 873,7 | 154,8 |
| Ооруканалар үчүн эмеректерди жана инвентарларды сатып алуу | 12 723,3 | 12 723,3 | 100,0 | 12 616,7 | 99,2 | 12 616,7 | 100,0 |
| Юстиция министрлигинин объектери | 10 000,0 | 6 200,0 | 62,0 | 6 178,5 | 99,7 | | |
| ЖАК | 11 000,0 | 6 303,0 | 57,3 | 6 303,0 | 100,0 | 11 029,8 | 175,0 |
| **Бардыгы:** | **1 806 415,7** | **1 713 486,9** | **94,9** | **1 612 669,9** | **94,1** | **1 395 229,0** | **86,5** |

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 82 объект аягына чыгарылган, анын ичинен, 61 объект курулган жана 21 объектке капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

ЖЧД тарабынан администрленген жол инфра түзүмдөрүнүн объекттерин каржылоого, 838, 0 млн. сомго бюджеттен акча бөлүү каралган, анын ичинен, 31.12.2020-жылга карата 748,1 млн. сом каржыланган, бул болсо, пландан 89,3%ды түзгөн.

"Капиталдык салымдар" беренеси боюнча чыгымдардын жыл сайынкы көлөмү, толук кандуу каржылоо үчүн факты жүзүндөгү керектөөгө караганда аз пландалат. Ресурстар чектелген шартта капиталдык салымдарды пландоо, калдык принциби боюнча жүргүзүлөт.

Мындан сырткары, Тизмеде объекттерди аяктоо же иштин аткарылган көлөмү боюнча подряддык уюмдардын алдындагы кредиттик карызды төлөө, бир аз көлөмдө каралган, бул болсо, заказ берүүчү – мамлекет менен өнөктөштүктүн ишенимсиздигине алып келет.

*Корутунду*

2020-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 6-тиркемесине ылайык, чек ара аймактарын өнүктүрүүнү каржылоо, 26630 "Финансы министрлиги (жалпы мамлекеттик чыгымдар)" ведомстволук классификациялоо боюнча операциялык чыгымдардын ичине салынгандыгына карабастан, 26640 "Капиталдык салымдар" кодунун каражаттарынын эсебинен, Кыргызстандын алыскы чек ара аймактарын өнүктүрүү боюнча иш-чаралар 98,2 млн. сомго каржыланган, кассалык чыгым 86,3 млн. сомду түзгөн.

*Сунуш*

"Финансы министрлиги (жалпы мамлекеттик чыгымдар)" коду боюнча чек ара аймактарын өнүктүрүүгө чыгымдарды түзүүнүн жана аткаруунун максатка ылайыктуулугу маселеси каралсын.

*Жалпы пайдалануучу автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын күтүү жана оңдоо боюнча иштерди жүргүзүүнү каржылоо*

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы №68 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, ТЖМнын алдындагы Жол чарба департаменти жөнүндө жобону сактабастан, жалпы пайдалануучу автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын күтүү жана оңдоо боюнча иштерди жүргүзүүнү 1 367,3 млн.сом суммасында каржылоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген, 2020-жылга жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо объекттеринин титулдук тизме жок туруп жүргүзүлгөн. 2020-жылга жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо объекттеринин 1 871,7 млн.сом суммасындагы титулдук тизмени, тиешелүү ыйгарым укугу жоктугуна карабастан, ТЖМ министри бекиткен.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы №68 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, ТЖМнын алдындагы Жол



чарба департаменти жөнүндө жобону бузуу менен, жалпы пайдалануучу автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын күтүү жана оңдоо боюнча иштерди жүргүзүүнү 1 367,3 млн.сом суммасында каржылоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген, 2020-жылга жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо объекттеринин титулдук тизме жок туруп жүргүзүлгөн.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.02.2017-жылдагы №68 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, ТЖМнын алдындагы Жол чарба департаменти жөнүндө жобо менен каралган, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан бекитилген, 2020-жылга жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо объекттеринин титулдук тизменин негизинде, жалпы пайдалануучу автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын күтүү жана оңдоо боюнча иштерди жүргүзүүнү каржылоо тартибин сактоо камсыздалсын.

*Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамга ылайык, дем берүүчү (үлүштүк) гранттар 600, млн.сом суммасында каралган. 2020-жылга бюджетке киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, дем берүүчү (үлүштүк) гранттар 360,0 млн.сомду түзгөн.

*Аныкталды*

2020-жылга AS «STIMGRANT» тутумунда 497 долбоор катталган, анын ичинен, дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорлорун бекитүү боюнча комиссиянын кароосуна жалпы 1 058,9 млн.сом суммасында 316 долбоор түшкөн, анын ичинен:

- дем берүүчү (үлүштүк) гранттарга болгон керектөө - 797,8 млн.сом;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жеке каражаттары - 261,1 млн.сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен шарттарга ылайык, биринчи кезекте негизги долбоорлор бекитилет жана каражаттардын калдыктары пайда болгондо, кошумча долбоорлорго кайрадан бөлүштүрүлөт.

Негизги долбоорлордун тизмеси, долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын чечиминин негизинде жана облаcттык маанидеги райондор жана шаарлар үчүн дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын квоталарынын көлөмүнө ылайык түзүлөт жана 541,3 млн. сомдук керектөө менен 211 долбоорду түзгөн. Кошумча долбоорлордун тизмеси баалоо рейтингине ылайык, долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын чечиминин негизинде түзүлгөн жана 256,6 млн. сомдук керектөө менен 105 долбоорду түзгөн.

2020-жылы 504,8 млн. сомдук керектөө менен 196 долбоор бекитилген. Өткөрүлгөн тендерлердин жыйынтыгы менен, 194 долбоор боюнча иштерди аткарууга контракттар түзүлгөн, республикалык бюджеттен 347,5 млн.сом каржыланган, бул болсо, 96,6%ды түзгөн.

*5-таблица: Региондор болуунча дем берүүчү гранттардын каражаттарын бөлүштүрүү*

| | Областтар | 2020-жыл | |
|---|---|---|---|
| | | Объекттердин саны | Дем берүүчү гранттардын көлөмү (миң сом) |
| | **Республика боюнча** | **194** | **347538,6** |
| | анын ичинен: | | |
| 1 | Баткен областы | 22 | 39618,8 |
| 2 | Жалал-Абад областы | 45 | 78136,7 |
| 3 | Нарын областы | 20 | 35723,7 |
| 4 | Ысык-Көл областы | 24 | 44426,1 |
| 5 | Талас областы | 15 | 29439,1 |
| 6 | Ош областы | 34 | 60345,2 |
| 7 | Чүй областы | 34 | 59849,0 |

*6-таблица: Категориялар боюнча дем берүүчү гранттардын каражаттарын бөлүштүрүү*

| | Категориялар | 2020-жыл | |
|---|---|---|---|
| | | Объекттердин саны | Объекттердин саны |
| 1 | Мектептер | 82 | 138788,0 |
| 2 | Саламаттык сактоо объекттери | 7 | 12128,4 |
| 3 | Инженердик-коммуникациялык инфра түзүмдөрдүн объекттери | 33 | 64921,4 |
| 4 | Спорттук маанидеги объекттер | 19 | 38759,4 |
| 5 | Маданий маанидеги объекттер | 16 | 26825,9 |
| 6 | Бала бакчалар | 37 | 66115,5 |
| | **Бардыгы** | **194** | **347538,6** |

2020-жылга карата 194 объекттин ичинен 30 проект аякталган. Аягына чыгарылбаган долбоорлорго байланыштуу, төлөнбөгөн сумма 2438,7 миң сомду түзгөн.

*7-таблица: Региондор болуунча аягына чыгарылбаган объекттер*

| | Региондордун аталышы | Объекттердин саны | Аягына чыгарылбаган иштердин көлөмү (миң сом) |
|---|---|---|---|
| | **Республика боюнча** | **30** | **2438,7** |
| 1 | Баткен областы | 3 | 257,6 |
| 2 | Жалал-Абад областы | 8 | 605,0 |
| 3 | Нарын областы | 4 | 319,0 |
| 4 | Ысык-Көл областы | 6 | 494,7 |
| 5 | Ош областы | 4 | 326,8 |
| 6 | Чүй областы | 2 | 93,0 |
| 7 | Талас областы | 3 | 342,6 |



Тандалма аудиттин жүрүшүндө, иштин көлөмү көрсөтүлгөн актылардын негизинде, факты жүзүндө аткарылган иштин көлөмүн өлчөө жана объекттерге жеринде кароо жүргүзүлдү. Объекттерде иштин көлөмүн 16 427,9 миң сомго жогорулатуу аныкталган, аудиттин жүрүшүндө 7 930,1 миң сом калыбына келтирилген *(4-тиркемени караңыз).*

*Корутунду*

Иштин көлөмү көрсөтүлгөн актылардын негизинде, факты жүзүндө аткарылган иштин көлөмүн өлчөө жана объекттерге жеринде кароонун (тандалма) жыйынтыгы боюнча, иштин көлөмүн 16 427,9 миң сомго жогорулатуу аныкталган, аудиттин жүрүшүндө 7 930,1 мин сом калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 8 497,8 миң сомду түзгөн.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Аягына чыгарылбаган долбоорлору бар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына, пайдаланууга тезинен берүү менен, тартылган каражаттардын жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен, курулуш объекттери аягына чыгаруу боюнча чараларды көрүү тапшырылсын.

Экономика жана финансы министрлигине:

Тиркемеге ылайык, республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебине каржыланган, региондордогу объекттерде аткарылган иштин көлөмүн ашыруунун 8 497,8 миң сом суммасындагы калдыгы каржылоодо чегерилсин (бюджетке калыбына келтирилсин).

*Бюджет аралык трансферттер*

*Аныкталды (корутунду)*

2019-жылы Финансы министрлигинин балансына кабыл алынган, теңдөөчү трансферттердин көлөмүн эсептөө үчүн багытталган, "Теңдөөчү трансферттер" автоматташтырылган маалыматтык тутумун программалык камсыздоо, учурда толук түрдө иштебейт (программанын наркы 800,0 миң сом).

*Сунуш*

Теңдөөчү трансферттердин көлөмү жөнүндө маалыматтын ачыктыгын, айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, "Теңдөөчү трансферттер" автоматташтырылган маалыматтык тутумун программалык камсыздоону жайылтуу боюнча иш күчөтүлсүн.

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.10.2007-жылдагы №472 "Кыргыз Республикасынын облустук жана райондук мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" токтому менен каралган ченемди бузуу менен, кассирлердин кошумча кызматтары киргизилген (Базар-Коргон, Сузак, Аламүдүн райондук администрациялары).

*Корутунду*

Кассирлердин кошумча бирдиктерин күтүүгө, райондук администрациялардан төмөндөгүдөй чыгымдалган: Базар-Коргон - 237,2 миң сом, Сузак -169,4 миң сом; Аламүдүн - 147,5 миң сом, бардыгы 554,1 миң сом.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.10.2007-жылдагы №472 "Кыргыз Республикасынын облустук жана райондук мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө" токтому менен бекитилген ченемдер менен, Базар-Коргон, Сузак, Аламүдүн райондук администрацияларынын аппаратынын штаттык санын ылайык келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

*Мамлекеттик бюджеттик резерв жана резервдик фонддор*

- *Мамлекеттик бюджеттик резерв*

*Аныкталды*

Киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, мамлекеттик бюджеттин резервинин суммасы 1 284,1 млн.сомду түзгөн.

Мыйзамга ылайык мамлекеттик бюджеттин резервин пайдалануу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 19.03.2020-жылдагы № 3638-VI "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджеттик резервинен каражаттарды бөлүү жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу менен, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюу боюнча атайын эсепти толтурууга 200,0 млн. сом бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 14.04.2020-жылдагы №128-б буйругу менен, жашоо шарты кыйын болгон үй-бүлөлөрдү тамак-аш продуктылары менен камсыздоо боюнча иш-чараларга жергиликтүү органдардан 140,4 млн. сом бөлүнгөн.

Андан кийин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 15.04.2020-жылы №3683-VI "Мамлекеттик бюджеттик резервдерден каражаттарды пайдалануу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушуна макул болуу жөнүндө" токтому кабыл алынган, анда COVID-19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүү боюнча иш-чараларды өз учурунда каржылоо үчүн. "2020-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган мамлекеттик бюджеттик резервдердин каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берүү каралган.

2020-жылдагы мезгил аралыгына карата мамлекеттик бюджеттик резервдердин каражаттарынан төмөндөгүлөр бөлүнгөн:

✓ Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:

- коронавирус инфекциясы менен күрөшүү үчүн -131,0 млн. сом;



- медициналык кызматкерлерге бир жолку акчалай компенсацияларды төлөө - 50,0 млн. сом;

- эпидемияга каршы иш-чараларды өткөрүүгө -105,8 млн. сом;

- медициналык жабдууларды сатып алууга - 5,0 млн. сом;

- коронавирус инфекциясын диагностикалоо – ПЦР үчүн чыгым материалдарын сатып алууга - 93,0 млн сом;

- гриппке каршы жана пневмококковой вакцинаны сатып алууга - 221,5 млн.сом;

- медициналык кызматкерлерге жана коронавирус инфекциясынын натыйжасында каза болгон жана ооруну жугузган саламаттык сактоо уюмдарынын жана башка кызматкерлерине бир жолку компенсацияларды төлөө - 26,6 млн сом;

✓ Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине:

- Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары турган Кыргыз Республикасынын жарандарынын убактылуу жашаган жер жана тамак-аш менен камсыздоого жардам көрсөтүү - 20,0 млн сом;

- Кытайдагы Кыргыз Республикасынын элчилиги тарабынан кислороддук концентраторлорду жана пульсоксиметрлерди сатып алууга жана аларды республикага жеткирүүгө - 50,0 млн. сом;

✓ Оору чыккан аймактарда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине жана иштөөгө тартылган адамдарга компенсацияларды төлөө үчүн ММКФга - 133,8 млн. сом;

✓ Кайрадан профилденген оорукана корпустарын жабдууга эмеректерди жана атайын мүлктү сатып алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетине - 7,0 млн. сом;

✓ Оору чыккан аймактарда иштөөгө тартылган медициналык кызматкерлерге компенсациялык төлөмдөр үчүн, Президенттин Иш башкармалыгынын клиникалык ооруканасына - 6,7 млн. сом.

256,5 млн.сом кошумча салыктык келип түшүүлөрдүн эсебинен, гриппке каршы жана пневмококко вакциналарын сатып алуу үчүн, 221,5 млн.сомду Саламаттык сактоо министрлигине бөлүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.08.2020-жылдагы №289-б буйругун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 02.09.2020-жылдагы чечимин бузуу менен, каражаттар мамлекеттик бюджеттик резервден 221,5 млн.сом суммасында бөлүнгөн.

Мамлекеттик бюджеттик резервдин каражаттарынан бардыгы болуп 1 190,8 млн.сом бөлүнгөн. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 23-беренесине ылайык, мамлекеттик бюджеттик резервдин пайдаланылбаган 93,3 млн. сом суммасындагы каражаттары бюджеттин тартыштыгын кыскартууга багытталган.

*Корутунду*

Кошумча салыктык келип түшүүлөрдүн эсебинен, гриппке каршы жана пневмококко вакциналарын сатып алуу үчүн, 221,5 млн.сомду Саламаттык сактоо министрлигине бөлүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.08.2020-жылдагы №289-б буйругун жана Кыргыз

Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 02.09.2020-жылдагы чечимин бузуу менен, каражаттар мамлекеттик бюджеттик резервден бөлүнгөн.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.08.2020-жылдагы №289-б буйругун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 02.09.2020-жылдагы чечимин бузуу менен, мамлекеттик бюджеттик резервден 221,5 млн.сомду Саламаттыкты сактоо министрлигине багыттоо жөнүндө ченемдик актынын долбоорун даярдаган жана кол койгон, Финансы министрлигинин тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

- *Резервдик фонддор*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 25-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын жана Премьер-министринин резервдик фонддорунун өлчөмү республикалык бюджеттин бекитилген чыгашаларынын 0,02 пайызынан ашык эмести түзөт (резервдик фонддун суммасын эсепке албаганда). Резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу тиешелүүлүгүнө жараша Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын, Премьер-министринин чечимдеринин негизинде жүзөгө ашырылат.

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын жана Премьер-министринин резервдик фонддорунун өлчөмү 30,0 млн.сом өлчөмүндө бекитилген. Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын жана Премьер-министринин резервдик фондору боюнча такталган сумма 32,5 млн.сомдон түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин резервдик фонду боюнча факты жүзүндө аткаруу 16,5 млн.сомду же 50,8 %ды түзгөн. Кыргыз Республикасынын Президентинин буйругуна ылайык, резервдик фонддун каражаттарынан каржылоо жери боюнча 0,7 млн.сом бөлүнгөн, Президенттин жана Өкмөттүн Иш башкармалыгы аркылуу – 15,8 млн.сом. Кыргыз Республикасынын Президентинин резервдик фондусунун каражаттары, табигый кырсыктардан жана өзгөчө кырдаалдардан жабыр тарткандарга жардам берүү, жашоо кыйынчылыгында калган калктын аярлуу катмарына бир жолку материалдык жардам көрсөтүү, үч же андан көп бала төрөлгөн үй-бүлөгө бир жолку материалдык жардам көрсөтүү боюнча маселелерди чечүүгө бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын резервдик фонду боюнча факты жүзүндө аткаруу 32,5 млн.сомду же 100%ды түзгөн. Резервдик фонддун каражаттары күтүлбөгөн жана мөөнөттүү чыгымдарды жабууга, мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган социалдык-маданий объекттердин жана инфра түзүмдөрдүн материалдык-техникалык базасын жакшыртуу жана оңдоо үчүн, жарым-жартылай колдоо көрсөтүүгө,



расмий даталарга багытталган иш-чараларды өткөрүүгө, ар кандай маданий-массалык жана спорттук иш-чараларды өткөрүүгө колдоо көрсөтүүгө, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана катышуучуларына жана башка жергиликтүү окуялардын катышуучуларына, эмгек ардагерлерине бир жолку жардам көрсөтүүгө, жашоо кыйынчылыгында калган калктын социалдык аярлуу катмарына бир жолку жардам көрсөтүүгө, мамлекеттик кызматтагы иши менен байланышпаган максаттарга, Жогорку Кеңештин депутаттарына жана кызматкерлерине бир жолку жардам көрсөтүүгө бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин резервдик фонду боюнча факты жүзүндө аткаруу 17,2 млн.сомду же 52,9%ды түзгөн. Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин буйругуна ылайык, резервдик фонддун каражаттарынан жеринде каржылоо боюнча - 3,3 млн.сом, Президенттин жана Өкмөттүн Иш башкармалыгы аркылуу – 13,9 млн.сом багытталган.

Резервдик фонддун каражаттары социалдык мүнөздөгү күтүлбөгөн жана мөөнөттүү чыгымдарды финансылык камсыздоого, табигый кырсыктар жана өзгөчө кырдаалдар учурунда финансылык маселелерди ыкчам чечүүгө, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана катышуучуларына жана башка жергиликтүү окуялардын катышуучуларына, эмгек ардагерлерине бир жолку жардам көрсөтүүгө, жашоо кыйынчылыгында калган калктын социалдык аярлуу катмарынын ичинен айрым категориядагы жарандарга, ошондой эле үч же андан көп бала төрөлгөн аз камсыз болгон үй-бүлөгө бир жолку материалдык жардам көрсөтүүгө багытталган.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондун акимдеринин резервдик фонддору*

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы № 238 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - облустардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фондору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун бузуу менен, резервдик фонддун эсебинен, райондук мамлекеттик администрациялар тарабынан юбилейлерди жана майрамдык иш-чараларды уюштурууга 728,1 миң сом чыгымдалган, анын ичинен: Ат-Башы - 64,2 миң сом; Кемин - 10,0 миң сом; Базар-Коргон - 45,0 миң сом; Түп - 52,6 миң сом; Ноокат -71,2 миң сом; Араван - 48,0 миң сом; Чаткал - 5,0 миң сом; Өзгөн - 116,0 миң сом; Ноокен - 17,0 миң сом; Нарын - 5,0 миң сом; Тогуз -Торо - 4,1 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты - 290,0 миң сом.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 25-беренесинде *"Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондун акимдеринин резервдик фонддорун"* түзүү түшүнүк жоктугунан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-

жылдагы № 238 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - облустардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фондору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы № 238 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - облустардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фондору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты жана райондук мамлекеттик администрациялар тарабынан резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен, максатсыз багытта 728,1 миң сом пайдаланылган.

*Сунуш*

- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондун акимдеринин резервдик фонддорун түзүүнүн каралган тартиби жоктугунан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы №238 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - облустардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фондору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин областардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондун акимдеринин резервдик фонддорунун иштешөө маселеси каралсын.

Экономика жана финансы министрлигине

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы № 238 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - облустардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фондору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын жана райондук мамлекеттик администрациялардын резервдик фонддорунун каражаттарынан максатсыз пайдаланылган 728,1 миң сом каражаттар 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамдын 14-беренесине ылайык, бюджеттин кирешесине калыбына келтирилсин (каржылоодо чегерилсин), анын ичинен: Ат-Башы - 64,2 миң сом; Кемин-10,0 миң сом; Базар-Коргон - 45,0 миң сом; Түп - 52,6 миң сом; Ноокат -71,2 миң сом; Араван - 48,0 миң сом; Чаткал - 5,0 миң сом; Өзгөн - 116,0 миң сом; Ноокен - 17,0 миң сом; Нарын - 5,0 миң сом; Тогуз -Торо - 4,1 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты - 290,0 миң сом.

*Жергиликтүү бюджетке ссудаларды бөлүү*

*Аныкталды (корутунду)*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 57-беренесин бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.07.2020-жылдагы №242-б токтому менен билим берүү уюмунун кызматкерлерине эмгек акы жана



өргүүлөрдү төлөө үчүн Бишкек шаарына бөлүнгөн, 744,0 млн. сом суммасындагы пайызы жок бюджеттик ссуда белгиленген мөөнөттө кайтарылган эмес.

Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" буйругун бузуу менен (606, 753, 754-пп.) 744,0 млн.сом суммасындагы ссуда, "Кредиттер, ссудалар, займдар" топтолгон балансына карата 7-тиркемеде көрсөтүлгөн эмес (дебитордук карызды жашыруу), ал түз чыгымдар катары негизсиз эсепке алынган, бул болсо, республикалык бюджеттин активдерин 744,0 млн.сомго азайтууга алып келген *(аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча 744,0 млн.сом калыбына келтирилген).*

*Сунуш*

744,0 млн. сом суммасында Бишкек шаарына бөлүнгөн бюджеттик ссуданы республикалык бюджетке кыска мөөнөттүн ичинде кайтаруу камсыздалсын.

***Коронавирус инфекциясы (COVID19) менен күрөшүүдө жана аны алдын алууда каражаттардын чыгымдалышын талдоо***

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.03.2020-жылдагы №112-б буйругуна ылайык, Финансы министрлиги тарабынан ачылган депозиттик эсепке жеке жана юридикалык жактардан ыктыярдуу кайрымдуулук түрүндө 160 131,5 миң сом акча каражаттары келип түшкөн, анын ичинен, ССМ - 142 704,3 миң сом; ЭСӨМ - 17 427,2 миң сом.

2020-жылдын бюджети жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилбестен жана бюджеттик каражаттарды тескөөчүлөрдүн сметалары жок туруп, чыгымдар депозиттик эсептин каражаттарынын ичинен 151 373,3 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесин жана депозиттик эсептерде акча каражаттарын убактылуу сактоону, аларды белгилүү бир шарттар башталганда кайтарып берүүнү, же багыты боюнча чегерүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобону бузуу менен, кирешелер жана чыгымдар бөлүгүндө 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамга карата өзгөртүүлөрдө эсепке алынбаган, 151 373,3 миң сом суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн.

Натыйжада, 151 373,3 миң сом суммасы республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн эмес, бул болсо, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун принциптерине каршы келет, негизинен, толуктук принцибине (Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган бардык чыгымдардын жана кирешелердин толук көлөмүндө жана милдеттүү түрдө бюджеттерде көрсөтүү).

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобону бузгандыгы үчүн, Саламаттык сактоо, ошондой эле Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрликтеринин тиешелүү кызматтагы адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

***Республикалык бюджеттин кассалык аткаруу тартибинин сакталышына аудит***

2020-жылга республикалык бюджет жыйынды кирешелердин натыйжасында 134 587,3 млн. сом суммасында (финансылык эмес активдерди сатууну эске алуу менен) жана чыгымдар боюнча 154 450,6 млн. сом суммасында аткарылган. Бардык булактар боюнча жалпыланган тартыштык, пландуу 29 764,0 млн. сом көрсөткүч алдында 19 863,3 млн. сомду түзгөн. Мында, тартыштыкты жабуу булактары боюнча аткаруу 26 234,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинен:

-ички булактар - 6 150,6 млн. сом;

-тышкы булактар - 20 083,7 млн. сом.

Ошентип, тартыштыкты жабуу булактары боюнча аткаруу, тартыштыктын өзүнүн суммасынан 6 371 млн. сомго ашырат.

2020-жылга республикалык бюджеттин кассалык аткарылышынын жыйынтыгы боюнча, министрликтер жана ведомстволор тарабынан операциялык чыгымдар 7 549,5 млн. сом чегинде аткарылган. Министрликтер жана ведомстволор тарабынан 2020-жылдын декабрына каралган 2 226,3 млн. сом суммасындагы кассалык план таңдалган эмес.

*Аныкталды*

Кирешелерди жана чыгымдарды экономикалык классификациялоо жана активдер жана милдеттенмелер менен жүргүзүлгөн операцияларды классификациялоо бөлүгүндө, бюджеттин кирешелер жана чыгымдар бөлүктөрү боюнча бириктирилген тизмени түзүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибин сактабастан, Финансы министрлиги тарабынан бириктирилген тизме түзүлгөн эмес. 2020-жылга республикалык бюджетти аткаруу, бириктирилген тизме жок жүргүзүлгөн.

Министрликтер менен ведомстволордун атайын эсептеринин каражаттары жана бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметалары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесин бузуу менен, кварталга бөлбөстөн жана мурда колдонулган төрт белгинин ордуна үч белги деңгээлинде чыгымдарды экономикалык классификациялоо боюнча түзүлгөн.

*Корутунду*



Атайын эсептердин каражаттары жана бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметаларын түзүү жана аларды үч белги деңгээлинде аткаруу, корголгон беренелер боюнча беренелер бөлүгүндө чыгымдардын болжолдонгон көрсөткүчтөрүн аткаруу боюнча маалыматтын жоктугунан улам, талдоо процессин кыйындатат.

Финансы министрлиги тарабынан республикалык бюджетти аткаруу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесин бузуу менен, кварталга бөлбөстөн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартип менен каралган бириктирилген тизме жок туруп, бекитилген/такталган жылдык болжолдоо планынын негизинде жүргүзүлгөн.

*Сунуш*

Чыгымдардын бириктирилген тизмеси жана кварталдык бөлүү жоктугу боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибинин сакталышына карата контролдоону камсыздоо маселеси милдеттерине кирген Финансы министрлигинин жооптуу кызматкерлерине административдик чаралар көрүлсүн.

Корголгон беренелерге талдоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн, болгон кемчиликтерди эске алуу менен, үч белги деңгээлиндеги бюджеттик чыгымдардын мындан ары түзүүнүн жана аткаруунун максатка ылайыктуулугу маселеси каралсын.

*Аныкталды*

Бюджеттик каражаттар боюнча бириктирилген отчет (2-форма) «IS Казна.Бюджет» программасында түзүлбөйт, ал эми атайын эсептердин каражаттары жана депозиттик эсептин каражаттары боюнча бириктирилген отчет (4-форма) туура эмес түзүлөт. «IS Казна.Бюджет» программасынан алынган мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүнүн маалыматтарын салыштырганда, кирешелер боюнча бириктирилген реестрдин маалыматтары менен четтөө аныкталган.

Алсак, кирешелер боюнча макеттин бириктирилген маалыматтарын салыштырганда, баштапкы реестрлердин суммаларынын четтөөсү 11 814,9 млн. сомду түзгөн ("Кумтордун" дүң кирешесине салыкты эске албастан).

2020-жылы жалпы 2,5 млрд.сом суммасында 18,2 миң корутундулар (жылдыруу жана кайтаруу) жүргүзүлгөн. Корутундулардын журналын аймактык бөлүмдөрдүн корутундулар журналы менен салыштырганда, маалыматтардын четтөөсү орун алган. Бириктирилген журналда кээ бир корутундулар эки жолу кайталанган.

*Корутунду*

IS «Казна - Бюджет» программасында түзүлгөн кирешелердин түрлөрү боюнча түзүлгөн отчетто, кирешелер боюнча бириктирилген реестр менен четтөө орун алган. Республика жана аймактык бөлүмдөр боюнча

корутундулар журналынын көрсөткүчтөрү бирдей эмес. Көрсөтүлгөн фактылар БК тарабынан жетиштүү талдоонун жана контролдоонун жоктугун күбөлөндүрөт.

*Сунуш*

Жылдыруулар жана кайтарып берүүлөр боюнча жазылган корутундуларды көрсөтүү жана кирешелер боюнча бириктирилген реестрлер менен кирешелердин түрлөрү боюнча маалыматтардын четтөөсү орун алган болгондо, IS «Казна - Бюджет» программасын модернизациялоо боюнча чаралар көрүлсүн.

IS «Казна - Бюджет» программасынын ишин талдоо жана мониторинг жүргүзүү туруктуу негизде камсыздалсын.

*Аныкталды*

Казына аралык жана казына ичиндеги жалпы 1,6 млрд. сом суммасындагы тапшырмаларга, кирешелерди 4402011103031309 – «Жалпы мамлекеттик иш-чаралар – электрондук төлөмдөр (шлюз)» депозиттик эсебинен чегерүүдө электрондук санарип кол тамгасы коюлган эмес.

*Корутунду*

4402011103031309 – «Жалпы мамлекеттик иш-чаралар – электрондук төлөмдөр (шлюз)» депозиттик эсебинен 1,6 млрд.сом суммасына транзакциялоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы № 444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибинин 3-пунктун бузуу менен, электрондук санарип кол тамгасы менен күбөлөндүрбостон жүргүзүлгөн.

Натыйжада, деозиттик эсептен каражаттарды чегерүү, мыйзамдуу негизде эмес, олуттуу жана бардыгын камтыган болуп эсептелет жана терс пикирди билдирүү үчүн негиз болуп саналат.

*Сунуш*

Депозиттик эсептен транзакция жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы № 444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибинин жоболорун аткарбагандыгы үчүн, БК кызматкерлерине карата тартип жоопкерчилиги чаралары көрүлсүн.

Электрондук санарип кол тамга менен күбөлөндүрүү болгондо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы № 444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибинин 3-пунктуна ылайык, «Жалпы мамлекеттик иш-чаралар – электрондук төлөмдөр (шлюз)» депозиттик эсебинен төлөмдөрдү жүргүзүү камсыздалсын.

*Аныкталды (корутунду)*

Финансылык жылдын 25-декабрынан тартып, бюджеттик каражаттарды алуучунун (БКА) картасы боюнча операцияларды жүргүзүүгө тыюу салуунy караган, Финансы министрлигинин 28.09.2017-жылдагы №131 буйругу менен бекитилген, "Төлөм картасын чыгарууну уюштуруу жана эсептерди жүргүзүү боюнча иштин тартиби жөнүндө" Жобонун 20-пунктун бузуу менен, 26.12.2020-жылдан 31.12.2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата БКА картасы боюнча 5 277,3 миң сом суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн. Ушул Жобонун 22-пунктун бузуу менен, 31.12.2020-жылга карата бюджеттик



каражаттар боюнча БКА карталарында 22 688,8 миң сом суммасындагы каражаттардын калдыгы болгон. БКда БКА карталарындагы каражаттардын калдыктары боюнча 909,1 миң сомго чечмелоолор болгон жана 21 779,7 миң сом суммасындагы каражаттар жөнүндө маалымат жок.

*Сунуш*

Финансы министрлигинин 28.09.2017-жылдагы №131 буйругу менен бекитилген, "Төлөм картасын чыгарууну уюштуруу жана эсептерди жүргүзүү боюнча иштин тартиби жөнүндө" Жобого ылайык, бюджеттик каражаттарды алуучулардын төлөм карталары менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү камсыздалсын.

*Аныкталды (корутунду)*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.08.2017-жылдагы №488 токтому менен бекитилген, "Эсепке алуу жана отчет берүү боюнча бюджетти болжолдоого жана аткарууга карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол-жоболору жөнүндө" нускамасын 27-беренесин сактабастан, БК 2020-жылдын маалыматтарына өзгөртүүлөрдү киргизген постфактум, 04.01.2021-жылдан 20.01.2021-жылга чейин камтуу менен, ошондой эле 31.12.2021-жылы жүргүзүлгөн катары көрсөтүлгөн. Бардык өзгөртүүлөр өзүнө жалпы 3,7 млн. сом суммасындагы 70 ички казыналык жана казына аралык тапшырмаларды камтыган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.05.2021-жылдагы № 196 токтому менен, эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү боюнча бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органга, отчетту түзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бере турган мөөнөткө чейин отчеттук мезгил аяктагандан кийин өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү берилген. Бирок, бул токтом менен, түзөтүүлөр үчүн зарыл болуп эсептелген операциялардын түрлөрү аныкталган эмес. Түзөтүү зарылдыгы субъективдүү мүнөзгө ээ, бул болсо, БКга Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине бере турган мөөнөткө чейин отчеттук мезгил аяктагандан кийин отчетко өзгөртүүлөрдү киргизүү болгондо кеңири укукту берет.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине тизмени жана операциялардын түрлөрүн аныктоону тапшырсын, алар, бюджеттик мыйзам менен белгиленген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө аны берүүгө чейинки мөөнөткө чейин республикалык бюджетин аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту түзүүдө өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү киргизүү үчүн зарыл болуп эсептелет.

***Республикалык бюджеттин кассалык аткарылышын камсыздоо боюнча Борбордук казыналыктын ишин талдоо***

*Аныкталды*

БК тарабынан кассалык пландоонун бирдиктүү формуласын (КПБФ) колдонуу болгондо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-

жылдагы № 632 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобо сакталган эмес. Мындан сырткары, кассалык планды түзүүдө бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан кирешелер планын аткарбоо жана толук эмес аткаруу тобокелдиктери эске алынган эмес. 2020-жылы ресурстук бөлүктүн жетишпестиги алдында, терс калдык менен кассалык планды бекитүүгө жол берилген.

Ошондой эле, министрликтердин жана ведомстволордун кайрылуулары жана Финансы министрлигинин жетекчилигинин тапшырмалары менен, корголгон беренелер боюнча кассалык пландарды ачуу, ар бир айдын аягында такталган кассалык пландарды түзүү жана бекитүү практикаланган. Ошону менен бирге, бюджеттин реалдуулугу жана болжолдоосу камсыздалган эмес.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы № 632 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобону бузуу менен, кассалык планды түзүүдө кассалык пландоонун бирдиктүү формуласын (КПБФ) колдонулган эмес. Кассалык планды түзүүдө бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан кирешелер планын аткарбоо жана толук эмес аткаруу тобокелдиктери эске алынган эмес. Такталган кассалык пландар (кошумча кассалык пландар жөнүндө маалыматты камтыган) Финансы министрлигинин сайтына чыгарылган эмес, ошону менен бирге, бюджеттик жол-жоболордун толук ачыктыгы камсыздалган эмес.

*Сунуш*

Кассалык планды түзүүдө бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан кирешелер планын аткарбоо жана толук эмес аткаруу тобокелдиктерин караган, ошондой эле такталган кассалык пландар Финансы министрлигинин сайтына чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы № 632 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобону сактоо камсыздалсын.

*Аныкталды*

2020-жылга мамлекеттик бюджет боюнча башкы китептин балансынын бириктирилген отчётунун ресурстук бөлүгүндө, КСК "Сот органдары тарабынан аныкталган мыйзамсыз алынган суммаларда" 13 943,0 миң сом көрсөтүлгөн жана КСК "1996-1998-жылдардан тартып тастыкталбаган суммаларга" 17 151,0 миң сом суммасы эсептелген.

"Аныкталбаган суммалар" эсебинде терс белгиси менен каражаттар эсептелген, алардын жалпы суммасы (-) 28 558,2 миң сом (Финансы министрлигинин Жайыл башкармалыгы – 25 307,3 миң сом; (Финансы министрлигинин Майлуу-Суу башкармалыгы – 3 250,9 миң сом).

*Корутунду*

Финансы министрлиги тарабынан мыйзамсыз алынган каражаттарды күнөөлүү адамдар тарабынан калыбына келтирүү боюнча сот органдары менен зарыл иштер жүргүзүлгөн эмес, соттун чечими чыгарылган күндөн тартып,



калыбына келтирилген суммаларды эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

*Сунуш*

Мыйзамсыз алынган каражаттарды күнөөлүү адамдар тарабынан калыбына келтирүү боюнча сот органдары менен зарыл иштерди жүргүзүү жана калыбына келтирилген каражаттарга дайыма мониторинг жүргүзүү камсыздалсын.

***Аныктады***

31.12.2020-жылга карата "Аныкталбаган суммалар" эсебинде 16 614,3 миң сом болгон.

*Корутунду*

Аныкталбаган суммалар боюнча келип түшүүлөр, 2 айдын ичинде эсепте эсепке алынышы керек, андан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибинин 104-беренесине ылайык, 14511200 "Жана башка салыктык эмес келип түшүүлөр" кирешелерди классификациялоо элементи боюнча республикалык бюджеттин кирешесине автоматтык түрдө чегерилиши керек.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибинин 104-беренесине ылайык, "Аныкталбаган суммалар" эсебинде турган 16 614,3 миң сом бюджеттин кирешесине чегерилсин.

*Дебитордук жана кредиттик карыздардын абалы*

*Аныктады*

31.12.2020-жылга карата бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карыздын суммасы 4,8 млрд.сомду, атайын эсептин каражаттары боюнча - 930,3 млн. сом.

*9-таблица: Жалпы дебитордук карыздын абалы*

(млн. сом)

| Жылдар | Бюджеттик каражаттар | Атайын эсептин каражаттары | % бюджеттик каражаттар | % атайын каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 2016 | 5 193,8 | 1 400,8 | 78,8 | 21,2 |
| 2017 | 5 447,3 | 1 153,5 | 82,5 | 17,5 |
| 2018 | 5 139,1 | 1 033,2 | 83,3 | 16,7 |
| 2019 | 4 954,0 | 839,2 | 85,5 | 14,5 |
| 2020 | 4 775,2 | 930,3 | 83,7 | 16,3 |

Дебитордук карыздын бир кыйла суммалары төмөндөгү министрликтерде жана ведомстволордо төмөндөгү негизги "Аванс менен төлөнгөн кордор" жана "Аванс менен төлөнгөн негизги фонддор" беренелер боюнча эсептелген:

(млн.сом)

| | Министрликтер, ведомстволор | 2020-жылдын башы | 2020-жылдын аягы | Четтөө |
|---|---|---|---|---|
| 1 | ТЖМ | 415,3 | 394,8 | -20,5 |
| 2 | АЧТОММ | 18.9 | 18,3 | -0.6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | ӨКМ | 142,8 | 95,0 | -47,8 |
| 4 | МТБМК | 40,4 | 40,6 | 0,2 |
| 5 | ӨЭЖКМК | 49,3 | 43,3 | -6,0 |
| 6 | ММРФ | 837,4 | 797,4 | -40,0 |
| 7 | КЧКТЧМА | 94,4 | 85,4 | -9,0 |
| 8 | СРМА | 141,3 | 278,0 | 136,7 |

Ошондой эле, "Жана башка авансалык төлөмдөр" эсеби боюнча 2020-жылдын аягында авансалык төлөмдөрдү чегерүүнүн натыйжасында, төмөндөгү БКБТларда дебитордук карыздардын бир кыйла суммалары орун алган:

- ✓ ММК - 583,3 миң сом;
- ✓ МСК - 857,7 миң сом;
- ✓ Мамкурулуш - 876,5 миң сом;
- ✓ Улуттук статкомитет - 1188,9 миң сом;
- ✓ Сот департаменти - 5293,6 миң сом ж.б.

Бюджеттик каражаттар боюнча кредиттик карыз - 41,2 млрд. сомду, атайын эсептин каражаттары боюнча – 3,5 млрд.сомду түзгөн.

*10-таблица: Жалпы кредиттик карыздын түзүмү*

(млн сом)

| Жылдар | Бюджеттик каражаттар | Атайын эсептин каражаттары | % бюджеттик каражаттар | % атайын каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 2016 | 12 022,6 | 1 350,6 | 89,9 | 10,1 |
| 2017 | 21 308,8 | 1 700,2 | 92,6 | 7,4 |
| 2018 | 22 023,7 | 2 301,1 | 90,5 | 9,5 |
| 2019 | 23 215,6 | 2 178,3 | 91,4 | 8,6 |
| 2020 | 41 236,6 | 3 502,8 | 92,2 | 7,8 |

Кредиттик карыз негизинен, "Төлөмгө карата эсеп" беренеси боюнча төмөндөгү министрликтерде жана ведомстволордо орун алган:

(млн.сомов)

| | Министрликтер, ведомстволор | 2020-жылдын башы | 2020-жылдын аягы | Четтөө |
|---|---|---|---|---|
| 1 | ТЖМ | 891,7 | 1339,8 | +448,1 |
| 2 | АЧТӨММ | 16,1 | 11,5 | -4,6 |
| 3 | ӨКМ | 105,0 | 163,8 | +58,8 |
| 4 | МТБМК | 162,7 | 139,6 | -23,1 |
| 5 | ММБФ | 401,2 | 410,3 | +9,1 |
| 6 | ВФКМИ | 40,9 | 42,9 | +2,0 |
| 7 | КЧКТЧМА | 125,7 | 32,8 | -92,9 |
| 8 | СУМА | 40,3 | 65,8 | +25,5 |
| | Бардыгы | 1783,6 | 2206,5 | +422,9 |



*11-таблица: Дебитордук жана кредиттик карыздын динамикасы (БКБМА жана МКБсыз)*

(млн. сом)

| Жылдар | Дебитордук | Кредитордук | Өсүү | | кред/дебит катышынын коэф. |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | дебитордук. | кредитордук. | |
| 2016 | 6 594,6 | 13 373,2 | | | 2,0 |
| 2017 | 6 600,8 | 23 009,0 | 6,2 | 9 635,7 | 3,5 |
| 2018 | 6 172,3 | 24 324,8 | - 428,5 | 1 315,8 | 3,9 |
| 2019 | 5 793,2 | 25 393,9 | - 379,0 | 1 069,1 | 4,4 |
| 2020 | 5 705,5 | 44 739,4 | - 87,7 | 19 345,5 | 7,8 |

Дебитордук жана кредиттик карыздардын пайда болушунун негизги себеби:

– Жылдын аягында кредиттерди кеч каржылоо, бул болсо, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жобосун аткаруу үчүн каражаттардын өздөштүрүлбөй калышына алып келет;

– Өздөштүрүлбөгөн калдыктардын жана дебитордук карыздын бир кыйла суммаларынын болушун эсепке албастан, каржылоого табыштамаларды кабыл алуу;

– Келишимдин жалпы суммасынан 10% өлчөмүндө авансалык суммалардын (алдын ала төлөө) чегин белгилеген, Бухгалтердик эсепти жүргүзүү жобосунун 312-пунктун бузуу менен, толук суммада каржылоо;

– Милдеттенмелерди аткарууну камсыздоонун жана чыгымдарды толук каржылоонун сакталышына БКТБ жетекчилери тарабынан контролдоо тутумунун жоктугу;

– Соттордо мамлекеттик алымды төлөөгө каражаттардын жоктугу;

– Донорлор алдында милдеттенмелерин эки эсе көрсөтүү аркылуу ашырылган кредиттик карыздын фактыларынын болушу.

Алсак, ЭВФдан 118,4 млн. займ суммасы СДР же 2020-жылга топтолгон бухгалтердик балансстагы 13 822,2 млн. сом, милдеттенмелерде эки жолу көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары, КРУБдагы Өкмөттүн эсептери боюнча кредиттик карыз 3 310,7 млн.сомго ашырылган.

*Корутунду*

– Дебитордук карыздын пайда болушунун, ошондой эле кредиттик карыздын болушунун негизги себептери болуп, төмөндөгүлөр эсептелет: жыл аягында сатып алууларды жүргүзүүнү каржылоо, дебитордук карыздын болушу жана өздөштүрүлбөгөн калдыктардын бир кыйла суммаларынын болушун эске албастан каржылоого табыштамаларды кабыл алуу; бюджеттик милдеттенмелерге контролдун жоктугу; келишимдин жалпы суммасынан 10% өлчөмүндө авансалык суммалардын (алдын ала төлөө) чегин белгилеген. Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана

отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобо БКБТ тарабынан сакталбашы; соттордо мамлекеттик алымды төлөөгө каражаттардын жоктугу.

Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 763-пунктун бузуу менен. Республикалык бюджет боюнча кредиттик карыз 17 132,9 млн.сомго (13 822,2 + 3 310,7) ашырылган. Албетте, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун 12-тиркемеси, республикалык бюджеттин финансылык абалынын бардык олутту аспекттерин анык көрсөтпөйт.

2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун анык эместигине алып келген бурмалоолор, олуттуу жана бардыгын камтыган болуп эсептелет, бул болсо, терс пикирди билдирүүгө негиз болуп саналат.

*Сунуш*

Авансалык төлөмдөрдүн чектелген суммаларын каржылоо, ошондой эле топтолгон бухгалтердик баланстын 12-тиркемесин түзүү үчүн, БКга такталбаган маалыматтарды берүү бөлүгүндө, Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобону аткаруунун жоктугу үчүн, Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлерине карата тартип жоопкерчилиги чаралары көрүлсүн.

Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык, кредиттик карызды төлөө мөөнөтүн жана кыскартууга жана дебитордук карыздын мөөнөтү өткөн суммаларынын болушуна жол бербөө максатында, "Аванс менен төлөнгөн корлор", "Аванс менен төлөнгөн негизги фонддор", "Жана башка авансалык төлөмдөр" беренелери боюнча БКБТ дайыма мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине киргизүү үчүн, ченемдик документтердин долбоорун даярдоо жыйынтыктары боюнча, ошондой эле мөөнөтү өткөн бюджеттик дебитордук карыздын суммаларын өндүрүүгө арыз берүүдө, соттордо мамлекеттик алымды төлөөдөн мамлекеттик органдарды бошотуу боюнча маселени министрликтер жана ведомстволор менен биргелешип демилгелесин.

Кредиттик карыздын суммасын 17 132,9 млн.сомго ашыруу боюнча туура эмес маалыматтарга байланыштуу, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун 12-тиркемесине түзөтүү киргизилсин.

*Казыналыктын тутумунан сырткары каражаттардын чыгымдалышын талдоо*

*Аныкталды*

ЖРМАнын түзүмүндө турган жана өзүн өзү каржылоо принциптеринде иш алып барган "Кадастр" Мамлекеттик мекемеси тарабынан, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 4-пункту менен



каралгандан сырткары, казыналыктын тутумунан сырткары мамлекеттик органдар тарабынан түзүлгөн бардык эсептерди, ошондой эле мамлекеттик органдар, ошондой эле мекемелер тарабынан жабууну караган, 2020-жылга Бюджет жөнүндө мыйзамдын 14-беренесин бузуу менен, 2020-жылдын аягында коммерциялык банктардын эсебиндеги калдык 89 319,5 миң сомду түзгөн.

ӨЭЖКМКнын тутумунда 3 мамлекеттик мекеме бар: "Энерго долбоор" Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоорлоо-изилдөө институту, Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту, тармак аралык окуу борбору, ал чарбалык эсеп негизинде иш жүргүзөт. 2020-жылга операциялык иштерден алынган кирешелер төмөндөгүлөрдү түзгөн: "Энерго долбоор" институту - 6,8 млн.сом; Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту - 1,9 млн.сом; Окуу борбору - 14,6 млн.сом, бардыгы 23,3 млн.сом. Жогоруда көрсөтүлгөн мекемелер тарабынан көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөр, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы №85 "Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизилген эмес. Чарба иштерин жүргүзүү үчүн, мекемелер тарабынан коммерциялык банктарда эсептер ачылган, алардагы калдыктар 31.12.2020-жылга карата төмөндөгүлөрдү түзгөн: "Энерго долбоор" институту - 4 408,4 миң сом; Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту - 126,0 миң сом; Окуу борбору – 1 224,1 миң сом.

*Корутунду*

Казыналыктын тутумунан сырткары мамлекеттик органдар тарабынан түзүлгөн бардык эсептерди, ошондой эле мамлекеттик органдар, ошондой эле мекемелер тарабынан жабууну караган, 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамдын 14-беренесин бузуу менен, 31.12.2020-жылга карата коммерциялык банктардагы калдыктар «Кадастр» Мамлекеттик мекемесинде - 89 319,5 миң сомду, "Энерго долбоор" Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоорлоо-изилдөө институтунда - 4408,4 миң сом; Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институтунда - 126,0 миң сом; Тармак аралык окуу борборунда - 1224,1 миң сомду түзгөн.

*Сунуш*

ЖРМА менен ӨЭЖКМК "2020-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин негизинде, казыналыкта ачылган эсептерге жана казыналыктан сырткары эсептерге ээ болгон мекемелердин эсептерин жабуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Экономика жана финансы министрлиги 2021-жылдагы бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, «Кадастр» Мамлекеттик мекемесинин эсептериндеги каражаттардын калдыктары республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө кошумча эсепке алынсын, алар 31.12.2020-жылга карата

төмөндөгүлөрдү: «Кадастр» Мамлекеттик мекемесинде - 89 319,5 миң сомду, "Энерго долбоор" Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоорлоо-изилдөө институтунда - 4408,4 миң сом; Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институтунда - 126,0 миң сом; Тармак аралык окуу борборунда - 1224,1 миң сомду түзгөн.

*Аныкталды*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.07.2020-жылдагы №261-б, 27.07.2020-жылдагы №263-б жана 14.08.2020-жылдагы №275-б буйруктарынын алкагында, "Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду" Коомдук фонду тарабынан 522,1 млн. сом чыгымдалган, ал казыналык реестринде Фонддун каражаттарын чыгымдоо жок.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.10.2019-жылдагы № 529 токтому менен бекитилген. "Кумтор Голд Компани" ЖАКынан келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө" Жобонун 3 жана 9-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 5-пунктун бузуу менен, 522,1 млн. сом суммасындагы каражаттар 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёттун чыгымдар бөлүгүндө, казыналыктын тутумунан сырткары чыгымдалган катары көрсөтүлгөн эмес.

Аудит 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто бюджеттин чыгымдары 522,1 млн. сомго азайтылган деп эсептейт.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.10.2019-жылдагы №529 токтому менен бекитилген. "Кумтор Голд Компани" ЖАКынан келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө" Жобонун 3 жана 9-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 5-пунктун бузуу менен, 522,1 млн. сом суммасындагы каражаттарды казыналыктын тутумунан сырткары чыгымдоого жол берген. "Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду" Коомдук фондунун жетекчилеринин жеке жоопкерчилиги каралсын.

*Жыл аягында бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары*

*Аныкталды (корутунду)*

Пенсияларды, жөлөк пулдарды төлөөгө республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары 2020-жылдын аягында төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- ✓ Социалдык фонд – 230 256,4 миң сом *(аудиттин жүрүшүндө чегерилген)*;
- ✓ ММКФ - 117 818,8 миң сом;;
- ✓ ЭСӨМ - 13 535,4 миң сом. анын ичинен "РСК Банк" ААКсы – 5061,2 миң сом жана "Айыл-Банк" ААКсы – 8474,2 миң сом.

*Сунуш*

Пенсияларды, жөлөк пулдарды төлөөгө республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган жалпы 131 354,2



миң сом суммасындагы калдыктары каржылоодо чегерилсин, анын ичинен: ММКФ - 117 818,8 миң сом; ЭСӨМ - 13 535,4 миң сом.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы эсептерин талдоо*

*Аныкталды*

КРУБда ачылган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттик эсептеринде турган каражаттардын калдыктарынын жалпы суммасы, 31.12.2020-жылдагы курс боюнча улуттук валютага кайрадан эсептегенде 16 748,6 млн. сомду түзгөн.

Баланстан сырткары эсептерге келип түшкөн акча каражаттары жана алардын жүгүртүлүшү, республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда көрсөтүлгөн эмес жана эске алынган эмес. Алар боюнча өзүнчө баланс түзүлөт, ал топтолгон балансын курамдык бөлүгү болуп эсептелет.

БКнын балансынын (КРУБдагы эсептер) маалыматтарына ылайык, валюталардын жана бюджеттик каражаттардын депозиттеринин калдыктары 3 310,7 млн.сомду түзгөн, бул болсо, баланстан сырткары эсептердеги каражаттардын факты жүзүндөгү калдыктардан 1,4 млн.сомго аз. Ошентип, 1,4 млн.сомго валюталар жана депозиттер түрүндө мамлекеттик активдерди эсепке алуу боюнча көрсөтүлгөн эмес.

*Корутунду*

БКнын баласында көрсөтүлгөн, КРУБдагы Өкмөттүн эсептери боюнча валюталар менен депозиттердин калдыктары, баланстан сырткары эсептердеги факты жүзүндөгү калдыктарга карма-каршы 1,4 млн.сомго азайтылган. Ошентип, валюталар жана депозиттер түрүндө мамлекеттик активдерди эсепке алуу боюнча 1,4 млн.сом көрсөтүлгөн эмес.

Калдыктар түрүндө депозиттик эсептерде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн акча каражаттарынын бир кыйла суммаларынын болушу менен, мурунку аудитердин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын сунушуна карабастан, КРУБ пайыздарды эсептөөнү жүргүзбөйт.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:

Экономика жана финансы министрлигине Улуттук банк менен биргелешип, Улуттук банкта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баланстан сырткары депозиттик эсептеринде турган каражаттардын калдыктарына пайыздарды эсептөө, ошондой эле баланстан сырткары депозиттеги эсептерди мамлекттин активдерине которуу маселесин кароо тапшырылсын.

Экономика жана финансы министрлигине:

Валюталар жана депозиттер түрүндө мамлекеттик активдерди эсепке алуу боюнча 1,4 млн.сомго азайтууга алып келген маалыматтарды бурмалоо менен отчетту түзгөндүгү боюнча кызматкерлерге карата тартип жоопкерчилик чарасы көрүлсүн.

***Программалык бюджеттин түзүлүшүн жана аткарылышын талдоо***

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамдын 17-беренесине ылайык, 2020-2022-жылдарга министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун программалык бюджети (11 жана 11-1-тиркемелер) жактырылган, ошондой эле министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор бюджеттик программалар жана бюджеттик чаралар боюнча натыйжалуулук индикаторуна жетишүү жөнүндө жарым жылдык жана жылдык отчетторду Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берүү каралган.

Бюджеттик программаларды түзүү жана аткаруу боюнча Бюджеттик кодекс менен каралган ченемдер, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик актыларын кабыл алууга ылайык, 2020-жылы жүзөгө ашырылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.01.2019-жылдагы №17 "Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү тууралуу" токтомунун 8-9-пункттарына ылайык, БКБТ ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (Финансы министрлиги) тиешелүү отчеттук мезгилге программалык бюджетти аткаруу боюнча иш-чаралар планын аткарылышы жөнүндө жыйынтыкталган маалыматты жана белгиленген формада натыйжалуулук индикаторлоруна жетүү жөнүндө отчетторду берүү белгиленген. Талдоо жыйынтыгы боюнча, республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто көрсөтүү менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жыйынтыкталган маалыматты берүү менен, бардык БКБТ боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетүү жөнүндө бириктирилген отчет Финансы министрлиги тарабынан түзүлүшү керек.

2020-жылы программалык негизде бюджетти түзүүгө жана аткарууга тартылган пилоттук министрликтер болуп, ССМ жана ТЖМ аныкталган. 2020-жылга республикалык бюджет жөнүндө бекитилген мыйзамдын 11-2-тиркемеси менен, ССМ жана ТЖМга программалык бюджеттер жана натыйжалуулуктун индикаторлорунун максаттуу маанилери бекитилген.

*Аныкталды*

Бюджеттик программалар жана бюджеттик чаралар боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетүү жөнүндө БКБТга отчетторду берүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.01.2019-жылдагы №17 "Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү тууралуу" токтомун сактабастан жана БКБТдан берилген отчеттор боюнча мамлекеттик сектордун, экономика тармагынын, социалдык чөйрөнүн чыгымдарын пландоо башкармалыктары тарабынан контролдун жоктугунун натыйжасында, 2020-жылга бүтүндөй БКБТ боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетүү жөнүндө бириктирилген отчет түзүлгөн эмес жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берилген эмес.

Буга байланыштуу, программалык бюджет боюнча бириктирилген отчет жана маалымат түзүлгөн эмес, 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто тиешелүү тиркеме жок.

2020-жылга республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдын 11-2-тиркемеси *(Министрликтердин жана ведомстволордун*



*бюджеттери)*, пилоттук министрликтер үчүн, ушул эле мыйзамдын 5-6-тиркемесине туура келбейт.

2020-жылга республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдын 5-тиркемесинде *(Ведомстволук классификациялоо боюнча чыгымдар)* Саламаттык сактоо министрлигине 7 309,7 млн. сом каралаган, ал эми 11-2-тиркемеде Саламаттык сактоо министрлигине 4 455,5 млн.сом каралган, бул болсо, 2 854,2 млн.сомго аз. Ушундай эле, 5-тиркемеде ТЖМга 7 834,2 млн.сом көрсөтүлгөн, ал эми 11-2-тиркемеде 10936,3 млн.сом каралган, бул болсо, 3102,1 млн.сомго көп.

Негизинен, 2020-жылга республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдын 5 жана 11, 11-2-тиркемелериндеги дал келбестиктер БКБТ боюнча 19 668,7 млн.сомду түзгөн, анын ичинен, 5 жана 11-тиркеменин ортосунда - 13 712,4 млн.сом, 5 жана 11-2-тиркеме менен – 5 956,2 млн.сом.

*Корутунду*

2020-жылга бардык БКББ боюнча натыйжалуулук индикаторуна жетүү жөнүндө бириктирилген отчетту түзүү бөлүгүндө, Финансы министрлиги тарабынан 2020-жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдын 17-бренесиин сакталышына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.01.2019-жылдагы №17 токтомун аткарышын контролдоо камсыздалган эмес.

2020-жылга программалык бюджет боюнча натыйжалуулук индикаторуна жетүү жөнүндө отчетту бербегендигине байланыштуу. бюджеттик мыйзамды бузгандыгы үчүн БКББ жетекчилерине карата тартип чараларын көрүү жөнүндө сунуштарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.01.2019-жылдагы №17 токтому менен берилген укукту Финансы министрлиги колдонгон эмес.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 5-бөлүгүн бузуу менен, бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, тиешелүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүгө жана бекитүүгө карата Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен белгиленген принциптер жана талаптар сакталган эмес, бул болсо, БКБТ бөлүгүндө 2020-жылга республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдын 5 жана 11,11-2-тиркемелеринин ортосундагы 19 668,6 млн. сом дал келбестиктерге алып келген, анын ичинен, 5 жана 11-тиркемелер ортосунда - 712,4 млн.сом, 5 жана 11-2-тиркеме ортосунда – 5 956,2 млн.сом.

*Мыйзамдын тиркемелеринин ортосунда, БКБТ бөлүгүндө 19 668,6 млн.сом дал келбестиктин натыйжасы, бюджеттин аткаруу көрсөткүчтөрүнө олуттуу таасирин тийгизет (бардык чыгымдарынан 10,6%), аудит программалык бюджеттин аткарылышы "2020-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келет деген пикирин билдирбейт.*

*Сунуш*

Белгиленген параметрлер боюнча тиркемелердин бири бирине дал келбегендиги жана 2020-жылга республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдын долбооруна карата тиркемелерди түзүүдө контролдоонун жоктугу боюнча, Финансы министрлигинин кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

***Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын абалын жана төлөнүшүн талдоо (толук маалымат5-тиркемеде)***

*Аныкталды (корутунду)*

Мамлекеттик карызды төлөө боюнча чыгымдардын керектөөлөрүнө карата, 2020-жылдын бюджети жөнүндө мыйзамга июнда киргизилген биринчи өзгөртүүлөр, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, бюджеттик чыгымдар милдеттенмелердин деталдашкан экономикалык эсептөөлөр жок туруп киргизилген.

Донорлордун (KfW,Гермес, Түркия) эки тараптуу кредиттик милдеттенмелерин төлөө боюнча 2020-жылы убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу, тышкы карызды төлөөгө бөлүнгөн каражаттар 95,0%га өздөштүрүлгөн.

18 макулдашуу боюнча тышкы карызды төлөө боюнча төлөм, 69 календардык күндөн 169 календардык күнгө чейин төлөм мөөнөтүн өткөрүү менен жүргүзүлгөн, бул болсо, факты жүзүндө төлөө учурунда сомго карата чет элдик валютанын курсунун мөөнөтү өткөн күнгө жогорулатуу натыйжасында, республикалык бюджеттин 171,3 млн. сом жоготуусуна алып келген *(9-тиркемени караңыз).*

2020-жылдын январында ички карыз алышууга 221,7 млн. сом суммасында 3 жана 6 айлык МКВны чыгаруу тартылган, бул болсо, аларды төлөөнүн натыйжасында республикалык бюджетке 3,3 млн. сомго кошумча күч келтирген.

Төлөмдү токтотууга карата Эсептөө палатасынын мурдагы аудит менен сунушталган, «bank4-96» сериясындагы казыналык милдеттенмелерди төлөө, 2020-жылы Финансы министрлиги тарабынан төлөө боюнча улантылган жана 70,8 млн. сомду түзгөн.

92,4 млн. сом дебитордук карыз жана 698,3 млн. сом кредиттик карыз суммалары, мамлекеттик карызды башкармалыгынын тиешелүү тастыкталган документтери менен тиешелүү түрдө тастыкталган эмес.

360,8 миң АКШ доллары же 29,8 млн. сом суммасындагы АӨБ, ЕРӨБ жана Япония долбоорлору боюнча акча транзакцияларын жүргүзбөстөн, кредиторлор менен өз ара милдеттенмелерди чегерүү операциялары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 20-беренесин бузуу менен, 2020-жылга бюджеттин чыгымдар да ресурстук бөлүгүндө эске алынган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.08.2002-жылдагы №539 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик карыз жана мамлекеттик кепилдиктерди эсепке алуу китеби жөнүндө" Жобону бузуу менен,



Мамлекеттик карыз жана мамлекеттик кепилдиктерди эсепке алуу китебинде 36 кредиттик макулдашуулардын каттоо жазуусун, 4 жылдан ашык жылга кечигүү менен жүргүзүлгөн.

*Сунуш*

Мамлекеттик карызды төлөө боюнча чыгымдарды түзүү, республикалык бюджеттин чыгымдарын жасалма көбөйтүүнү жана бюджеттик каражаттарды ашыкча резервдөөнү болтурбоо максатында, бюджеттик чыгым милдеттенмелерин негизделген экономикалык эсептөөлөрдүн негизинде, мамлекеттик карызды төлөө боюнча чыгымдары түзүү жүргүзүлсүн.

«bank4-96» сериясындагы казыналык милдеттенмелерди төлөөнү токтотуу боюнча чечим кабыл алынсын, ал боюнча 2021-жылы төлөмдөр 67,6 млн. сомду түзөт.

Мамлекеттик карыз жана мамлекеттик кепилдиктерди эсепке алуу китебинде жазуулардын болуусу предметине, кредиттик макулдашууларды инвентаризациялоо жүргүзүлсүн.

Мамлекеттик карыз жана мамлекеттик кепилдиктерди эсепке алуу китебинде кредиттик макулдашууларды каттоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.08.2002-жылдагы №539 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик карыз жана мамлекеттик кепилдиктерди эсепке алуу китеби жөнүндө" Жобо менен белгиленген мөөнөттө жүргүзүлсүн.

***МИП бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын талдоо***

*Аныкталды*

2020-жылга республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам менен кабыл алынган МИП бюджети, бекитилген бюджет боюнча 5,5 млрд.сомго же 22,0%га азайтылган жана 19 501,8 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, тышкы каржылоо боюнча - 18 859,6 млн. сом, ички каржылоо боюнча (кошо каржылоо) - 642,2 млн. сом.

2020-жылга МИПтин чыгымдарынын жалпы көлөмү 16 184,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, тышкы каржылоо боюнча - 15 692,5 млн. сом, ички каржылоо боюнча - 491,5 млн. сом. Аткаруу 83%ды түзгөн, же 3 317,8 млн. сомго өздөштүрүлгөн.

МИП бюджетин аткаруу:

– Кредиттик каражаттардан тышкы каржылоо боюнча 81%ды түзгөн, же 2 372,2 млн. сомго өздөштүрүлгөн эмес, гранттык каражаттардан - 87%, же 794,9 млн. сомго өздөштүрүлгөн эмес;

– ички каржылоо боюнча 150,7 млн. сомго өздөштүрүлгөн эмес, же республикалык бюджеттен кошо каржылоо суммасынан 23%.

Тышкы каржылоону (15 692,5 млн. сом) тартуунун жалпы көлөмүнүн ичинен негизги үлүш төмөндөгү секторлорго багытталган: "Транспорт" - 4 294,3 млн. сом, же 27,4%, "Энергетика" - 3 625,6 млн.сом, же 23,1%, "Суу менен жабдуу" - 2 257,5 млн. сом, же 14,4% жана калган бөлүк 5 515,5 млн. сом, же 35,1% башка секторлорго багытталган: саламаттык сактоо, билим берүү, айыл чарбасы ж.б.

МИПтин өздөштүрүлбөгөн каражаттарынын абдан олуттуу суммалары төмөндөгү министрликтер жана ведомстволор тарабынан жол берилген:

- ТЖМ 6 141,8 млн. сом план алдында, факты жүзүндө өздөштүрүү 4 294,3 млн. сомду же 70%ды түзгөн, 1 847,5 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, анын ичинен:

- "Түндүк-Түштүк альтернативдүү авто жолунун курулушу" долбоору боюнча, COVID-19 пандемиясы жана Париж клубунун алкагында КЭР алдындагы Кыргыз Республикасынын карызын реструктуризациялоо менен байланышкан, Эксимбанк (Кытай) жана ИӨБдин 1 377,0 млн. сом каражаттары өздөштүрүлгөн эмес;

- ИӨБ тарабынан 130,8 млн. сом суммасында каржыланган, "Ош-Баткен-Исфана авто жолун реабилитациялоо", ЕАӨБ тарабынан 127,6 млн. сомго каржыланган "Бишкек-Ош авто жолун жакшыртуу", 64,7 млн. сом суммасында "Бишкек-Нарын-Торугарт" авто жолун реабилитациялоо" (СФР, КФАЭР, ОПЕК жана ФР А-Д) долбоорлоруу боюнча;

- СУМА 3 384,7 млн. сом план алдында, факты жүзүндө өздөштүрүү 2 990,8 млн. сомду же 88,4%ды түзгөн, 393,9 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, анын ичинен, төмөндөгү долбоорлор боюнча: "Нарын шаарындагы суу менен жабдуу тутумун жана канализациянын реабилитациялоо" - 38,2 млн. сом; "Майлуу-Суу шаарындагы суу менен жабдуу тутумун жана канализациянын реабилитациялоо" - 27,8 млн. сом; "Кызыл-Кыя шаарындагы суу менен жабдуу тутумун жана канализациянын реабилитациялоо" (ЕБ жана ЕӨРБ) - 105,5 млн. сом; "Чолпон-Ата шаарындагы суу менен жабдуу тутумун жана канализациянын реабилитациялоо" (ЕБ жана ЕӨРБ) - 46,0 млн. сом.

Финансылык каражаттарды начар өздөштүрүүнүн негизги себептери болуп, Финансы министрлиги тарабынан кол коюлган табыштамаларга төлөөдө, ЕӨРБ тарабынан кечиктирүү, короновирус пандемиясынын жайылгандыгына байланыштуу чектелген чаралар, подрядчылар менен аткаруу агенттиктеринин өз ара аракеттенишүүлөрүнүн начардыгы, мамлекеттик органдар тарабынан документтерди кароону кечиктирүү, МИП бюджеттерин аткаруу, ошондой эле бүтүндөй долбоорлорду ишке ашыруу катары олуттуу кечиктирүүлөргө алып келген долбоорлор алкагында тендердик жол-жоболорду кечиктирүү эсептелет.

- ССМ 1 545,9 млн. сом план алдында, факты жүзүндө өздөштүрүү 1 187,9 млн. сомду же 77%ды түзгөн, 357,9 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, анын ичинен:

– "Энеликти жана балалыкты коргоо IV-V (КфВ)" долбоору боюнча, эпидемиологиялык кырдаалдан улам, конкурсту өткөрүүнү бир нече жолу жылдырууга байланыштуу, 108,9 млн. сом суммасындагы каражаттар өздөштүрүлгөн эмес;

– Шашылыш COVID 19 (ДБ и ИӨБ) долбоору боюнча 135,6 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес. Өздөштүрүлбөгөндүгүнүн себеби, суроо-талаптарды узакка кароо процесси менен байланыштуу;



– "Кургак учук менен күрөшүү" (КфВ) долбоору боюнча 55,1 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, ал Кыргыз Республикасында өзгөчө абалдын киргизилишине байланыштуу болгон;

– "Шашылыш медицинанын улуттук тутумун түзүү (КфВ) - I" долбоору боюнча 27,1 млн. сом өздөштүрүлгөн эмес, ал, жабдуучу тарабынан банктык кепилдиктерди узартуунун бербегендиктен жана контракттардын шарттары менен машиналардын туура келбеген себеби менен эки контакт боюнча СМП машиналарын жеткирүү боюнча төлөмдүн кечиктирилгендигине байланыштуу болгон.

Ошондой эле, төмөндөгүлөр боюнча ИМП каражаттары өздөштүрүлгөн эмес: Мамкурулуш боюнча - 186,8 млн. сом; МТБМК - 38,1 млн. сом; ӨКМ - 86,2 млн. сом; СЧОКД - 47,8 млн. сом; МКК - 15,3 млн. сом ж.б.

Финансылык каражаттарды начар өздөштүрүүнүн негизги себептери донорлор тарабынан Финансы министрлиги кол койгон арыздарды төлөөнү кечендетүү, коронавирустун пандемиясынын жайылышына байланыштуу чектөө чаралары, аткаруучу органдардын подрядчылар менен начар аракети, мамлекеттик органдардын документтерди кароосунун кечендеши, долбоорлордун алкагында тендердин жол-жоболорунун кечендеши (подрядчыны тандоо) болуп эсептелет, ал МИП бюджеттеринин аткарылышы сыяктуу эле, жалпысынан долбоорлорду ишке ашырууда да олуттуу кечигүүлөргө алып келет.

*Корутунду*

МИП бюджетинин төмөндөшү, бюджетти түзүүнүн мурунку циклинде каралган, көрсөткүчтөрдөн 3%дан ашык эмес бюджеттик бөлүнгөн акчалардын көлөмүн азайтууну караган Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 89-беренесине карщы келет.

Жүргүзүлгөн түзөтүүлөр Финансы министрлиги аткаруунун жүзөгө ашыруучу агенттиктер тарабынан МИПти пландоонун сапатынын төмөндүгүн, колдонуудагы инвестициялык долбоорлор боюнча болжолдуу чыгымдардын өлчөмүн аныктоо боюнча так эсептөөлөрдүн жана зарыл иш-чаралардын жоктугун, ошондой эле, Финансы министрлиги тарабынан республиканын экономикасына мамлекеттик инвестицияларды тартууда талаптагыдай талдоонун жоктугун күбөлөндүрөт.

Натыйжада, инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча МИПтин бюджеттеринин пландарын аткаруунун жыйынтыгында, 2 372,2 млн. сом суммасындагы кредиттик каражаттар, 794,9 млн. сом суммасындагы гранттык каражаттар жана республикалык бюджеттен кошо каржыланган 150,7 млн. сом каражаттар өздөштүрүлгөн эмес.

*Сунуш*

Колдонуудагы инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун этаптуу мөөнөттөрүн жана болжолдонгон чыгымдардын өлчөмүн аныктоо боюнча так эсептөөлөрдү колдонуу менен, МИП бюджетин пландоодо керектелүүчү суммага талаптагыдай талдоо камсыз кылынсын.

Бюджетти түзүүнүн мурунку циклинде каралган, көрсөткүчтөрдөн 3%дан ашык эмес бюджеттик бөлүнгөн акчалардын көлөмүн азайтууну караган Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 89-беренесинин ченемдерине ылайык, МИП бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү камсыздалсын.

*Аныкталды*

МИПти ишке ашыруунун үзгүлтүккө учурашынан жана макулдашууларга ылайык кредиттик ресурстар өздөштүрүлбөгөндөн улам, тышкы кредиторлор тарабынан 2020-жылы кредиттин өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн 95,2 млн. сом суммасындагы комиссия төлөнгөн, анын ичинен, 10.07.2017-жылы №121 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган, "Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегаттарын пайдаланууга киргизүү" (ЕАӨБ) долбоорун каржылоо үчүн, 18,8 млн. сом инвестициялык кредит берүү жөнүндө макулдашуу боюнча.

*Корутунду*

Макулдашуу шарттарына ылайык, тышкы кредиторлор тарабынан 2020-жылы кредиттин өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн 95,2 млн. сом суммасындагы комиссия төлөнгөн, бул болсо, 2020-жылга республикалык бюджеттин каражаттарынын жоготуусуна алып келген.

Белгилей кетсек, МИПти ишке ашыруунун үзгүлтүккө учурашынан жана каражаттарды өздөштүрүүдөн улам 2019-жылы республикалык бюджеттен 232,1 миллион сом төлөнгөн.

*Маалымат үчүн: 05.08.2020-жылдагы №118 "2020-жылдын 4-июнунда кол коюлган 2017-жылдын 28-февралындагы Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы "Камбарата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын эксплуатациялоого киргизүү" долбоорун каржылоо үчүн Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынан инвестициялык кредит берүү жөнүндө макулдашууга № 1 кошумча макулдашууну ратификациялоо тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, пайдаланылбаган суммага резервдөө үчүн комиссия, ушул Кошумча макулдашуу күчүнө кирген күндөн тартып эсептелген эмес.*

*Сунуш*

Кредиттик ресурстардын ишке ашырылышын үзгүлтүккө учурашына жана алардын өздөштүрүлбөй калышына жол бербестен, мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун ишке ашыруу боюнча администрлөө чаралары күчөтүлсүн.

*Бюджеттик колдоого программалык жардам*

*Аныкталды*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, бюджеттик колдоого программалык жардам боюнча АӨБдөн "Экономикалык диверсификациялоону жылдыруу - подпрограмма 2ге" 2 820,0 млн. сом (40 млн. АКШ долл.) алуу пландалган. 2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр менен, АӨБдөн "Экономикалык



диверсификациялоону жылдыруу - подпрограмма 2ге" пландалган келип түшүүлөр алынып салынган.

Пандемия шартында бюджетти колдоого төмөндөгүдөй каражаттар тартылган.

- Европалык бирликтин 1 233,4 млн. сом (16,2 млн. АКШ долл.) суммасындагы гранттык каражаттары, билим берүү секторун колдоого (797,9 млн. сом) жана социалдык коргоо секторун колдоого (435,5 млн. сом);
- Дүйнөлүк банктын 403,0 млн. сом (5,0 млн. АКШ долл.) суммасындагы каражаттары, жыйынтыктардын негизиндеги программага (Саламаттык сактоо министрлигин жана ММКФнын максаттуу каражаттары) 50% грант жана 50% кредит;
- АӨБдөн 4 030,0 млн. сом (50,0 млн. АКШ долл.) суммасындагы каражаттар, COVID-19 пандемиясы менен күрөшүүдө чыгымдарды колдоо жана тез көңүл буруу программасына (50% грант жана 50% кредит);
- ЭВФдан 19 506,2 млн. сом (241,7 млн. АКШ долл.) суммасындагы кредиттик каражаттар, "Тез көңүл буруу механизми жана тез каржылоо аспабына".

Республикалык бюджеттин финансылык үзгүлтүгүн жабуу үчүн, 20,0 млн. АКШ доллары көлөмүндө Россия Федерациясы тарабынан Кыргыз Республикасына кайтарымсыз финансылык жардам берүү жөнүндө макулдашуу боюнча, 2020-жылдагы мыйзамга карата өзгөртүүлөрдө 30,0 млн. АКШ доллары суммасында болжолдонгон. Натыйжада, республикалык бюджеттин ресурстарынын суммасы 10,0 млн. АКШ долларына (80,6 сом курсу боюнча 806,0 млн. сом) көбөйтүлгөн.

Бюджеттик колдоого факты жүзүндө 27 842,2 млн. сом тартылган.

*Корутунду*

2020-жылдагы мыйзамга карата өзгөртүүлөрдө, РФ Финансы министрлиги менен Финансы министрлиги тарабынан кол коюлган, 21.12.2020-жылдагы Россия Федерациясы тарабынан Кыргыз Республикасына кайтарымсыз финансылык жардам берүү жөнүндө макулдашууда эсепке алынбаган жана каралбаган суммасынын эсебинен, республикалык бюджеттин ресурстары 806,0 млн. сомго (10,0 млн. АКШ долл.) ашырылган.

*Сунуш*

Республикалык бюджеттин ресурстук бөлүгүнүн келип түшүүлөрүн/азайтууларын жыл ичинде пландоо, донорлордон факты жүзүндө келип түшкөн суммаларды эске алуу менен жүргүзүлсүн.

*Инвестициялык долбоорлор боюнча аткаруу агенттиктеринин пайыздык эсептериндеги калдыктарды талдоо*

*Аныкталды*

31.12.2020-жылга карата донорлордун эсептеринен алынган, өз убагында Өздөштүрүлбөгөн каражаттарын эсебинен пайда болгон, атайын эсептердеги каражаттардын калдыктары 4 001,4 млн. сомду түзгөн. Коммерциялык банктар тарабынан эсептелген, долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктары 12,3 млн. сомду түзгөн.

*Корутунду*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарына коммерциялык банктар тарабынан эсептелген пайыздар боюнча суммалар 12,3 млн. сомду түзгөн жана бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине чегерилүүгө тийиш.

*Сунуш*

Республикалык бюджеттин кирешесине, банктык кызмат көрсөтүүлөргө төлөөгө зарыл болгон каражаттарды алып салуу менен, атайын эсептериндеги каражаттардын 12,3 млн. сом суммасындагы калдыктарына алынган пайыздарды аткаруу агенттиктери тарабынан чегерүү камсыздалсын.

*Кол коюлган кредиттик жана гранттык макулдашууларды талдоо*

2020-жылы 17 кредиттик макулдашууга кол коюлган, анын ичинен : Дүйнөлүк банк – Эл аралык өнүгүү ассоциациясы менен 7 макулдашуу; АӨБ - 2 макулдашуу, ИӨР - 2, ЭВФ - 2, ЕӨРБ - 1, Сауд өнүгүү фондусу менен - 1, Азия инфраструктуралар жана инвестициялар банкы менен - 1 жана ЕӨРБ - 1 макулдашуу.

14 гранттык макулдашууга кол коюлган, анын ичинен, Дүйнөлүк банк – Эл аралык өнүгүү ассоциациясы менен 8 макулдашуу, АӨБ - 2 макулдашуу, Япония Өкмөтү менен – 1, Россия Федерациясы менен – 1 жана Европалык кеңеш менен – 1 макулдашуу.

Кол коюлган кредиттик жана гранттык макулдашуулардын жалпы суммасы АКШ долларынын эквиваленттинде 883,8 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинен, гранттар - 248,1 млн. АКШ доллары, кредиттер - 635,7 млн. АКШ доллары.

*Эл аралык уюмдарга интеграциялык бирикмелерге мүчөлүк жана үлүштүк төгүмдөрдү каржылоону талдоо*

*Аныкталды*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, эл аралык уюмдарга мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө боюнча чыгымдар 635,0 млн. сом суммасында бекитилген, же керектөө суммасынан 10,9 млн. сомго аз.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.11.2020-жылдагы №386-б буйругу менен, 34 эл аралык уюмдардын жана интеграциялык бирикмелердин тизмеси жана мүчөлүк жана үлүштүк төгүмдөрдүн суммалары, ошондой эле республикалык бюджеттин каражаттарынан 2020-жылы төлөөгө тиешелүү болгон, КМШнын уставдык жана башка органдарынын алдында Кыргыз Республикасынын туруктуу өкүлдөрүнүн чыгымдары жалпы 435,0 млн. сом суммасында бекитилген. Ушул буйрукка ылайык, 2020-жылы мүчөлүк төгүмдөрдү төлөөгө чыгымдарды тескөө маалыматтары менен, 200,0 млн. сомго азайтылган.

Финансы министрлиги тарабынан каржылоо 304,2 млн. сом суммасында жүргүзүлгөн, бул болсо, такталган бюджеттен 69,9%, же эл аралык уюмдар тарабынан коюлган эсептердин жана инвойстордун суммасынан 47,1%.

31.12.2020-жылга карата эл аралык уюмдарга төгүмдөр боюнча министрликтер менен ведомстволордун карыздары сомдук эквиваленттте 319,1



млн. сомду түзгөн (31.12.2020-жылга карата КРУБнын курсу боюнча), же 2019-жылдын ушул датасына карата карыздын өсүүсү 125,5 млн. сомду түзгөн.

Анын ичинен абдан көп карыздар төмөндөгүлөрдө болгон:

- Билим берүү, илим жана маданият ислам уюмунун (ИСЕСКО) алдында ММТМдын карызы 2 371,4 миң АКШ доллары (196,0 млн. сом), же карыз 2020-жылга эсептелип төлөнбөгөн жыл сайынкы суммага карата 68,5 АКШ доллары суммасында өскөн;

- Ислам тарыхы, искусство жана маданияты илимий-изилдөө борборунун (IRCICA) алдында Финансы министрлигинин карызы - 430,3 миң АКШ доллары, же 35,6 млн. сом; Украинадагы ОБСЕнин атайын мониторинг миссиясына - 81,7 миң евро (8,3 млн. сом); Экономикалык кызматташтык уюмуна - 55,7 миң АКШ доллары (4,6 млн. сом). Карыздын өсүү себеби болуп, түзүлгөн макулдашууларга ылайык жыл сайынкы төгүмдөрдү эсептөө жана каржылоонун жоктугу эсептелет;

- ТРАСЕКА программасы боюнча ТЖМ 168,5 миң евро суммасында (17,1 млн. сом). Программа боюнча жылдык төгүм 60,0 миң евро, ошондой эле ал 2020-жылы төлөнгөн эмес;

- Эл аралык электр байланыш биримдигинин (ЭЭБ) алдындагы Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин карызы 2020-жылга карата төгүмдүн суммасы 79,5 миң швейцариялык франкты (7,3 миллион сом) түзөт.

Төмөндөгүлөрдүн алдында карыздын эң көп суммасы эсептелген:

- Ислам кызматташтык уюму (ИКУ) 2,556,7 миң АКШ доллары өлчөмүндө, же 211,3 млн. сом (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2019-жылдын 31-декабрындагы курсу боюнча). ИКУ менен түзүлгөн макулдашууга ылайык жылдык төгүмдүн суммасы 202,5 миң АКШ долларын (14,3 млн. сом) түзөт;

- Азия инфраструктуралык инвестициялар банкы (АИИБ) 1 546,6 миң АКШ доллар суммасында (127,8 млн. сом). АИИБдеги жылдык төгүмдүн суммасы 1 080,0 миң АКШ долларын (87,0 млн. сомду) түзөт;

- Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюму (ЕККУ) 1 120,3 миң евро (113,5 млн. сом). ЕККУга жылдык төгүмдүн суммасы 79,0 миң АКШ долларын (7,1 млн. сом) түзөт;

- Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) 1 025,6 швейцариялык франк, же 94,4 млн. сом. ЭЭУга жылдык төгүмү 7,9 миң швейцариялык франк (0,6 млн. сом);

- Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы (ЕРӨБ) 901,7 миң евро суммасында (91,4 млн. сом). 2020-жылга карата төгүмдү эсептөө жүргүзүлгөн эмес.

Финансы министрлигинин Эл аралык кызматташтык башкармалыгында Кыргыз Республикасынын жалпы карызы жана 2020 -жылга мүчөлүк төгүмдөр боюнча эл аралык уюмдар алдында талап кылынган сумма жөнүндө толук эмес отчеттук маалыматтар болгон.

Эл аралык кызматташтык башкармалыгында жылдык эл аралык уюмдардын бөлүгүндө төгүмдөрдүн өлчөмүн, карыздын суммасын жана төлөө

шарттарын көрсөткөн эсепке алуу жана отчеттуулук формаларын бекитилген эмес.

Финансылык отчеттуулуктун "Жана башка милдеттенмелери" 1 формасынын №12 тиркемесинде отчеттук мезгилдер көрсөтүлгөн эмес:

- эл аралык уюмдардагы мүчөлүк төгүмдөр боюнча жана башка милдеттенмелер 2019-жылдын 31-декабрына карата калдыгы сом эквивалентинде (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 31.12.2019-ж. курсу боюнча) 645,4 млн. сом суммасында;

- чет элдик валюталардын курсунун өйдө-ылдый болушун эске алуу менен, 377,2 млн. сом өлчөмүндөгү эл аралык уюмдарга мүчөлүк төгүмдөр боюнча төлөөгө карата коюлган инвойсторду жана эсептердин төлөнбөгөн суммасын таануу;

- 2020-жылдын 31-декабрына карата калдыгы эл аралык уюмдарга мүчөлүк төгүм боюнча жана башка милдеттенмелердин сом эквивалентинде (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 31.12.2020-ж. курсу боюнча) 1,022,6 млн сом суммасында, бул болсо, 2020-жылга Финансы министрлигинин Эл аралык кызматташтык башкармалыгынын финансылык отчетторунда Кыргыз Республикасынын жана башка милдеттенмелеринин суммасынын азаюусуна алып келген.

*Корутунду*

"Эл аралык уюмдарга гранттар" 262 коду боюнча Финансы министрлиги тарабынан каржылоо 304,2 млн. сом суммасында жүргүзүлгөн, бул болсо, такталган бюджеттин 69,9%ын, же эл аралык уюмдар тарабынан коюлган эсептердин жана инвойсторунун суммасынан 47,1%ды түзөт.

Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун 730 жана 763 - пункттарын бузуу менен, Эл аралык кызматташтык башкармалыгы тарабынан финансылык отчеттун "Жана башка милдеттенмелери" 1-формасынын №12 тиркемесинде 2020-жылдын 31-декабрына карата эл аралык уюмдарга мүчөлүк төгүмдөр боюнча жана башка милдеттенмелердин 1 022,6 млн. сом суммасындагы калдыгы көрсөтүлгөн эмес.

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын топтолгон бухгалтердик балансына жана 2020-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча финансылык отчетторго эл аралык кызматташуу башкармалыгынын балансынын толук эмес маалыматтарын киргизүү, эл аралык уюмдарга, интеграциялык бирикмелерге жана эл аралык келишимге келген органдарына мүчөлүк төгүмдөр боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелеринин суммасын 1 022,6 млн. сомго азаюусуна алып келген.

Эл аралык уюмдардын бөлүгүндө жылдык төгүмдөрдүн өлчөмүн, карыз суммасын жана төлөө мөөнөттөрүн көрсөткөн эсепке алуунун жана отчеттуулуктун бекитилген формасынын жоктугу, Кыргыз Республикасынын эл аралык - келишимдик милдеттенмелеринин алкагында мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө, карызды жоюу жана төлөм мөөнөттөрүнүн сакталышы боюнча



кезектеги кырдаалды Финансы министрлиги тарабынан билбей калгандыгына алып келген.

*Сунуш*

2020-жылдын 31-декабрына карата 1 022,6 млн. сомго эл аралык уюмдарга мүчөлүк төгүмдөр боюнча жана башка милдеттенмелердин калдыгын (сальдо) көбөйтүү жолу менен, Эл аралык кызматташтык башкармалыгынын финансылык отчеттуулугуна түзөтүү жүргүзүлсүн.

Эл аралык кызматташуу башкармалыгынын түзөтүлгөн финансылык отчеттуулугунун негизинде, Кыргыз Республикасынын жана башка милдеттенмелерин 1 022,6 млн. сомго көбөйтүү жолу менен, 2020-жылга республикалык бюджеттин бухгалтердик балансынын жана финансылык отчетторунун тиркемелерине тиешелүү түзөтүүлөр киргизилсин.

Эл аралык уюмдардын бөлүгүндө жылдык төгүмдөрдүн өлчөмдөрүн, төлөм суммаларын жана өз ара эсептешүүлөрдүн калдыгын (сальдо) көрсөтүүчү эсепке алуу жана отчеттуулуктун формалары тиешелүү тартипте бекитилсин.

Эл аралык уюмдардагы жана интеграциялык бирикмелердеги эсептелген мүчөлүк төлөмдөрдүн суммаларын, төлөө жана калдыктарды таанууну көрсөтүү менен финансылык отчеттуулук түзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин маалыматтарынын негизинде Кыргыз Республикасынын эл аралык - келишимдик милдеттенмелеринин алкагында мүчөлүк төгүмдөрдүн, карыздын төлөнүшүнө жана төлөө мөөнөттөрүнүн сакталышына дайыма мониторинг жүргүзүлсүн.

***"Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы боюнча талдоо***

*Аныкталды (корутунду)*

2020-жылга карата "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен Финансы министрлигинин жетекчилиги тарабынан ички аудит кызматынын иш планы бекитилген эмес.

"Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9 - беренесинде ички аудит жаатында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тууралуу жобону Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитүү каралган, ал азыркы мезгилде жок.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-февралындагы №82-б буйругу менен бекитилген Ички аудит боюнча кеңешинин курамы азыркы мезгилде жарактуу эмес, анткени анын айрым мүчөлөрү өзүнүн кызматында жок.

*Сунуш*

Ички аудит кызматынын жылдык иш планын бекитүү жана ички аудит жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жөнүндө жобону бекитүүгө тиешелүү "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы камсыз кылынсын.

Ички аудит боюнча кеңешинин курамына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-февралындагы №82-б

буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине сунуш киргизилсин.

***Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги жүргүзгөн бюджеттик кредиттерди башкарууну талдоо (БКБМА, толугураак 6-тиркемени караңыз)***

*Аныкталды (корутунду)*

2020-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен бюджеттик ссудалар жана чет элдик кредиттер боюнча 4,1 млрд. сомго негизги сумманы төлөө божомолу каралган, анын ичинде, негизги сумма боюнча 2,8 млрд. сом, 01.01.2020-жылга 3,9 млрд. сомду түзгөн мөөнөтү өткөн карыз бөлүгүндөгү болжолдуу келип түшүүлөрдү киргизүү жоктугунан пайыздар - 1,3 млрд. сом.

Графикте белгиленген бюджеттик кредиттерди кайтаруу суммасы 4,6 млрд. сом суммасы алдында, Мыйзамдагы болжолдуу көрсөткүчтөр 0,5 млрд. сомго төмөн белгиленген, анткени карызды төлөө графигинде төлөөгө жөндөмсүз субъекттер эске алынган жана ал субъекттер боюнча мөөнөтү өткөн карыздарды өндүрүү жөнүндө соттун чечими бар, же соттук териштирүүлөр жүрүп жатат.

*Сунуш*

Төлөөгө жөндөмдүүлүк топтору боюнча бөлүштүрүү менен мөөнөтү өткөн карыздардын өсүшүнө үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүү камсыз кылынсын.

Мажбурлап өндүрүүнүн жыйынтыгы боюнча кайтарылган суммалар орто мөөнөттүү мезгилге бюджеттин долбоорун түзүүдө эске алынсын.

*Аныкталды (корутунду)*

31.12.2020-жылга бюджеттик кредиттердин мөөнөтү өткөн карызы 6,2 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен 1992-жылдан 2000-жылга чейинки мезгил аралыгында берилген кредиттер боюнча мөөнөтү өткөн карыз 3,1 млрд. сомду түзгөн.

Агроөнөр жай комплексинин субъекттеринде, 1992-1997-жылдары так кредиттөө механизми жок жана күрөөсүз берилген кредиттер боюнча түзүлгөн мөөнөтү өткөн карыздары бар.

Мисалы, мурдагы Айыл чарба министрлиги - 665,1 млн. сом, Суу чарба департаменти - 319,1 млн. сом, Кыргыз айыл чарба химиясы - 23,0 млн. сом, Жалал-Абад зооветжабдуу - 15,4 млн. сом ж.б.

"Транспорт жана байланыш" тармагы боюнча мөөнөтү өткөн карыздары жалпы кечигүүнүн көпчүлүгүн түзгөн субъекттер бар: ТЖМ -586,4 млн. сом, "Ош ПАТП-1" АКсы - 184,4 млн. сом, "Транс-Союз-Азия" ААКсы - 108,1 млн. сом. 1992-жылдан 2000-жылга чейинки мезгилде берилген кредиттер узак убакыт бою төлөнбөйт жана мөөнөтү өтүп кеткен карызды ашыкча көрсөтүшөт, алар үчүн чечим талап кылынат.

*Сунуштар*

Кыргыз Республикасы Министрлер Кабинетине

Маселени карап чыксын жана карызды эсептен чыгаруу жана реструктуризациялоо, ошондой эле банкроттукка чейин мажбурлап өндүрүп жолу аркылуу кайтарымсыз карыздар боюнча андан ары карызды эсепке алуунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечим кабыл алынсын.



Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине

Субъект тарабынан жетиштүү күрөө менен камсыздоонун милдеттүү шарты менен гана, бюджеттик кредиттерди берүүнү ишке ашырсын.

*Аныкталды*

KFW Программасы боюнча ачык аукциондордун негизинде, коммерциялык банктарга мөөнөттүү максаттуу депозиттер түрүндө кайтарымдуу каражаттар берилет. Аукциондорго катышкан банктар айылдык микро, чакан жана орто ишканаларга, ишкерлерге жана айыл жергесиндеги кооперативдерге ишкердик үчүн кредит берүү үчүн гана Финансы министрлигинен алынган депозиттердин суммаларын пайдаланууга милдеттүү.

Азия Банкы ААКсында бөлүнгөн 60,0 млн. сомдун 46,4 млн. сому же 77,3%ы кызмат көрсөтүү секторунун, соода жана аралаш/башка тармактарында, максаттуу багытта пайдаланылган эмес.

"Оптима Банк" ААКсында 80,0 млн. сомдун ичинен (71,8 млн. сому өздөштүрүлгөн) 49,6 млн. сому, же 69,1%ы туризмдин иши жана башка тармактар сектору боюнча пайдаланылган, же максаттуу багытта пайдаланылган эмес.

*Сунуш*

Депозиттик каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы үчүн айып санкцияларын алууну эске алуу менен, KFW программасынын каражаттары боюнча кайтарылып берилүүчү каражаттарды жайгаштыруу (револьвирования) механизмин ишке ашырууда конкреттүү шарттар Коммерциялык банктар менен келишимдерде каралсын.

*Аныкталды (корутунду)*

31.12.2020-жылга ФСХ жана ФЭОП боюнча коммерциялык банктардын кредиттик линиялардын пайыздык коюмун субсидиялоону каржылоо боюнча жалпы карызы 588,6 млн. сомду түзгөн.

*Сунуш*

Коммерциялык банктардын алдындагы пайыздык чендерди субсидиялоо боюнча 588,6 млн. сом суммасындагы карызды төлөө боюнча зарыл болгон чаралар көрүлсүн.

Продукцияны кайра иштетүү багыты боюнча түз бюджеттик кредиттөө механизмине субсидиялоо механизминен пландын негизинде өтүүнүн максатка ылайыктуулук маселеси каралсын.

*Аныкталды*

Факты жүзүндө алынган зайымдардын олуттуу бөлүгүн 129,5 млрд. сом суммасындагы энергетикалык комплекс, же жалпы калдыктын 85%ы ээлейт.

2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата энергетикалык компаниялардын карызы алынган кредиттерди төлөө үчүн шарттарды түзүүгө багытталган тармакты өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы жок болгондуктан жалпы суммасы 19,4 млрд. сомго кайра түзүмдөштүрүлгөн, бул төмөнкүдөй түрдө республикалык бюджетке кошумча жүктөө тобокелдигине алып келет:

- республикалык бюджеттин кирешелеринин эсебинен чет өлкөлүк кредиттерди кайтаруу;

- кредиттин суммасынын факты жүзүндөгү калдыгы үчүн кошумча жогорулатылган пайыз төлөмдөрү;

- мөөнөтү өткөн төлөмдөр үчүн айып пайыз төлөмдөрү.

*Корутунду*

Энергетика тармагын өнүктүрүү иштелип чыккан мамлекеттик программанын деңгээлинде карызды кайтарууда экономикалык негиздин жоктугу, келечекте бул тармактын кудуретсиздик коркунучуна алып келиши мүмкүн.

*Сунуш*

КР Министрлер Кабинетине

Бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды төлөөнү эске алуу менен, тарифтик саясатты өзүнө камтыган энергетика тармагын өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу тиешелүү органдарга тапшырылсын.

*2018 жана 2019-жылдар мезгил аралыгына карата мамлекеттик программалар алкагында кредиттөө*

*Аныкталды*

- *«РСК Банк» ААКсы (мындан ары - Банк, толук маалыматты 11-тиркемеден караңыз).*

- 2020-жылы региондор боюнча "АЧК-8" долбоорунун каражаттарын Банк тарабынан бөлүштүрүүдө диспропорция байкалган. Алсак, Баткен областына бардыгы болуп. жалпы 141 000 миң сом суммасында 362 жеңилдетилген кредит бөлүнгөн, бул болсо, "АЧК-8" программасынын жалпы коломүнүн болгону 7%ды түзөт;

- "Ишкердик субъекттерин каржылоо" (ИСК) долбоорунун алкагында бөлүнгөн өзүнчө кредиттер бар, алар бул программанын максатына туура келбейт;

- "АЧК-8", ИСК жана КРӨФ (Кыргыз-Россия өнүгүү фонду) долбоорлору боюнча, сатуу-сатып алуу келишимдеринин кредитти досьелерине, сатып алуу актыларынын, төлөм тапшырмаларынын, квитанциялардын, акча каражаттарын алгандыгы жөнүндө тил каттардын толук эмес берилиши фактысы белгиленген;

- айрым кредиттик досьелерде асыл тукум малды сатып алууну күбөлөндүргөн документтер толук эмес (асыл тукум малдын паспорту, карточкасы, малды сатып алгандыгы жөнүндө тастыктама, чек арадан өткөндүгү жөнүндө бажы декларациясы ж.б.у.с.);

- айрым досьелерде сатып алуу досьелерин толтурууда мөөнөтү өткөн патенттерге шилтемелөөгө жол берилген («Бай Элим Компани» ЖЧКсы, «Флеш Лив» ЖЧКсы, «Поваренок» соода-өнөр жай компаниясы);

- ИСКнын айрым кредиттери боюнча кредиттик досьеде коронавирус инфекциясынан жабыркагандар жөнүндө маалымат камтылган эмес: «Алейна» ЖЧКсы, «Экофасоль» ЖЧКсы;



- жергиликтүү бийлик органдарынын жана коомчулуктун ролун жогорулатуу үчүн айыл аксакалдарынын сунуштары, айыл өкмөтү тарабынан кредиттерди максаттуу пайдаланууда кепилдик берүү (кепилдик) практикаланбайт.

- *«Айыл Банк» ААКсы*

- "АЧК-6" долбоору боюнча 100,0 миң сомдон жана "АЧК-7" 150,0 миң сомдон ашырылбаган күрөөсүз кредиттер, кредиттердин жалпы суммасынан 5%дан 7%га чейинки чекти чектөө белгиленген, бул болсо, калктын аз камсыз болгон бөлүгүнүн жеңилдетилген кредиттерди алуу мүмкүнчүлүгүн чектеген;

- "АЧК-6" долбоорунун алкагында "Кыргыз-Россия ишканасы "Rola" ЖЧКсы тарабынан, 2020-жылы кайтаруу мөөнөтү менен 3 жылга 6% коюм менен 35 000,0 миң сом суммасында кредит алынган, анын ичинен 29 622,2 миң сом кайтарылган эмес;

- "АЧК-6" долбоорунун алкагында жабдууларды сатып алууга жана мөмө-жемиш ширелерин өндүрүп чыгарууга "Автовнештранс" ЖАКы тарабынан 45 000,0 миң сом суммасында кредит алынган, досьеде актоочу документтер жок.

*Сунуш*

*Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине:*

Айыл чарба чөйрөсүнө ыйгарым укуктуу органдын түздөн түз катышуусун, ири кредиттерди алуучулар үчүн чектөөлөрдү белгилөөнү, маалыматтык билдирүүлөрдү жакшыртууну, ошондой эле күрөөсү тутум боюнча жеңилдетилген кредиттерди берүүдө, жергиликтүү бийлик органдарынын ролун көтөрүүнү эске алуу менен жеңилдетилген кредиттик ресурстарга карата айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн кеңири жетүү мүмкүнчүлүгү маселеси каралсын.

*«РСК Банк» жана «Айыл Банк» ААКсы*

Карыз алуучулар менен байланышты каттоону талаптагыдай эмес жүргүзүү, сатуу-сатып алуу келишимдеринин кредитти досьелерине, сатып алуу актыларынын, төлөм тапшырмаларынын, квитанциялардын, акча каражаттарын алгандыгы жөнүндө тил каттардын толук эмес берилиши фактыларына жол бербөө жана аны чечтетүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында, карыз алуучуларга каражаттарды этап-этап менен кредиттөөнү колдонуу маселеси каралсын.

Төлөнбөгөн карыз суммалары болгон карыз алуучуларга чоң кредиттик суммалардын бир нече жолу берүүдө, кредиттик тобокелдик эске алынсын.

Карыз алуучуларды кредиттөөдө, Банктын Кредитти комитети кабыл алган чечимдерден жана каралган табыштамалардан суммалардын четтөөсүнө жол берилбесин.

***Ведомстволук бөлүмдөрдө жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары***

*Баалуу металлдар департаменти (Департамент)*

*Аныкталды*

ЕЭК коллегиясынын чечими менен бекитилген, бажылык контролдоону жүргүзүү үчүн, мамлекеттик контролдоодон өтүү жыйынтыктарын тастыктаган, мамлекеттик актыны тариздөөнү караган, кымбат баалуу металлдарды, кымбат баалуу таштарды жана кымбат баалуу металлдарды камтыган чийки зат товарларын ЕАЭБдин бажы аймагына алып кирүү жана чыгаруу тартиби жөнүндө жобо сакталбайт.

2020-жылга МБК отчетунун маалыматтарын (2-ТС формасы) Департамент тарабынан берилген мамлекеттик контролдоонун актыларынын саны боюнча маалыматтарды салыштырганда, үчүнчү өлкөдөн алынып келинген жалпы салмагы 869,25 кг. болгон буюмдарды мамлекеттик контролдон өткөрүү үчүн 12 субъект тарабынан берилбегендигин көрсөттү.

Чет өлкөлөрдөн алынып келинген зергердик жана башка турмуш-тиричилик буюмдарын сатуу үчүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик пробалоочу эн тамга оттискисине ээ болушун жана тыштан алынып келингендерге мамлекеттик контролдон өтүү күнүнөн тартып, 90 күндүн ичинде аларды пробалоого жана эн тамгалоого берүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.06.2018-жылдагы №303 "Баалуу металлдар жана баалуу таштар менен жүргүзүлгөн операциялар чөйрөсүндө айрым маселелер жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында баалуу металлдардан жасалган зергердик жана башка турмуш-тиричилик буюмдарын пробалоо жана эн тамгалоо тартиби жөнүндө" Жобо сакталбайт.

Чет элден чыгарылып, алынып келинген буюмдарды пробалоого жана эн тамгалоого белгиленген мөөнөттө субъекттер тарабынан берилбеген фактылар аныкталган. Эн тамгалоого алтындан жасалган 412,08 кг, күмүштөн жасалган 137,32 кг.салмактагы 43,6 миң буюмдар эн тамгалоого берилген эмес.

Натыйжада, эн тамгалоого буюмдардын толук көлөмдө берилбегендигинин натыйжасында, алтын буюмунун бирдигине – 34 сом, күмүшкө – 24 сом төлөөнүн орточо баасынын натыйжасынан улам, 2020-жылы пробалык жыйымдардын жеткире түшпөсү 1653,5 миң сомду түзгөн,

*Корутунду*

2020-жылга МБК отчетунун маалыматтарын Департамент тарабынан берилген мамлекеттик контролдоонун актыларынын саны боюнча маалыматтарды салыштырганда, үчүнчү өлкөдөн алынып келинген жалпы салмагы 869,25 кг. болгон буюмдарды мамлекеттик контролдон өткөрүү үчүн 12 субъект тарабынан берилбегендигин көрсөттү.

Буюмдарды эн тамгалоого берилбегендигинин натыйжасында, 2020-жылга пробалык жыйымдардын толук көлөмдө жеткире түшпөгөнү 1653,5 миң сомду түзгөн.

*Сунуш*

Мамлекеттик контролдоонун таризделген актысы жок, бажылык контролдоодон кымбат баалуу металлдан жасалган буюмдарды өткөрүүнү алып салган механизмди жана контролдоону жайылтууга тиешелүү маселе Мамлекеттик бажы кызматы менен биргеликте каралсын.



- *Мамлекеттик сатып алуулар департаменти*

*Аныкталды (корутунду)*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы № 93-б буйругу менен, республиканын аймагында өзгөчө кырдаалдын киргизилишине байланыштуу, келишимди түз түзүү ыкмасы менен товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууну караган, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктун колдонуу менен товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууга уруксат берилген. Ошентип, 3,6 млрд. сом суммасында товарлар жана кызматтар сатылып алынган. Азыркы мезгилде бул буйрук күчүндө.

*(Эскертүү: 2021-жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктун колдонуу менен мамлекеттик сатып алуулар 215,1 миллион сом суммасында жүргүзүлгөн).*

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.03.2020-жылдагы №93-б "Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаал киргизүү жөнүндө" токтомун жокко чыгаруу жөнүндө маселени карасын

*Аныкталды (корутунду)*

Колдонулуп жаткан көп функциялуу веб-порталдын айрым жеткире иштелбеген кемчиликтери бар. Жабдуучулардын тиркелген документтеринин жарактуулугун кароо, саясий мамлекеттик, саясий муниципалдык кызматтарды, атайын мамлекеттик кызматтарды ээлеген адамдар жана алардын жакын туугандары менен биригишке жактардын жоктугу жөнүндө жабдуучунун (подрядчынын) жазуу жүзүндөгү тастыктоосун текшерүү мүмкүнчүлүгү жок, посттендердик текшерүү модулу жок. Контракттын төлөнүшү жана аткарылышы көзөмөлгө алынбайт.

Жабдуучулар (подрядчылар) жөнүндө керектүү маалыматты ыкчам текшерүү үчүн, Юстиция министрлигинин маалыматтары менен веб - порталдын базасы өз ара байланышта эмес.

*Сунуш*

Сатып алууларга катышып жаткан жабдуучулардын (подрядчылардын) тиркелген документтери жөнүндө ишенимдүү маалыматты алуу үчүн, "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу мамлекеттик электрондук тутумдар менен макулдашуу түзүүнүн максатка ылайыктуулугу каралсын.

Келишимдер, аткарылган иштердин актылары, аткарылган иштерди кабыл алуу актылары жана башка коштомо документтер жөнүндө маалыматты жайгаштыруу үчүн, модулду иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

*Аныкталды*

Сатып алуулар пландарындагы өзгөртүүлөр жана түзөтүүлөр, бекитилген кассалык план жок жүргүзүлөт. Сатып алуучу уюмдар конкурстук документтерге карата талаптарга каржылоо чаралары боюнча төлөм шарттарын белгилөөгө аргасыз. Бул жагдай БК тарабынан каржылоодо, коррупциялык схеманын пайда болуусуна шарт болуп эсептелет.

*Сунуш*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 103-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибине, бекитилген кассалык пландарга ылайык, сатып алуулар планын түзүү камсыздалсын.

*Аныкталды*

Каралган даттануулар боюнча бири бирине каршы келген, көз карандысыз ведомство аралык комиссиянын чечими бар. Бул иш-аракеттер ККВнын айрым мүчөлөрүнүн квалификациясынын жетишпестиги жөнүндө күбөлөндүрөт. 2020-жылы сот инстанцияларында ККВнын чечимдерине карата 27 административдик доо берилген, анын ичинен 11 учур сот органдары тарабынан НМКнын протоколдук чечимдери алынган.

*Сунуш*

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө даттанууларды өз учурунда кароо максатында, Көз карандысыз ведомстволук комиссиянын мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу маселеси каралсын.

Аудиттин жыйынтыктары боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине - отчет;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине - отчет жана сунуш;
- Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине - отчет, жазма буйрук жана сунуш;
- Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине, Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана региондорду өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигине – сунуш;
- Бишкек шаарынын мэриясына – жазма буйрук;
- "РСК Банк" жана "Айыл Банк" ААКларына - сунуш жөнөтүлсүн.

Аудит Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байзаковдун жетекчилиги менен, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор А.Жакшылыков (топтун жетекчиси), А.Токтоналиев, К.Эсенов, У.Нурманбетов, мамлекеттик инспекторлор У.Байтереков, С.Тоокеев, А.Ибраев, С.Осмоналиев, А. Кудайбердиев, Н. Нуралиев, Ж. Акболушев, аналитик В. Грачева турган аудит тобу тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**